Кырг
1122

# Казыбек Мамбетимин уулу

## Казалдар



18/XII. 2011. № 4256/11
20/XII 2011 – N 4230-10e.
16/III – 20г – № 11.

7c.

# АЗЫБЕК Мамбетимин

# у у л у



Нарын облустук
китепканасы
№ 50832 чч

# К А З А Л Д А Р

Казыбек Мамбетимин уулу

Асангазы!
Эдеетүрүн, окуй жүр!
Түзүүчүдөн — Анурб —
9/XII 91-ж.

# КАЗАЛДАР

## (Ырлар)

*Түзгөн жана баш сөзүн жазган*
*Нуралы АЙСАРАКУН Уулу*

Сүрөтчүсү С. Я... рчинов

**МАМБЕТИМИН уулу КАЗЫБ..К**

М22 Казалдар: Ырлар/Түз, жа... баш сөзүн жазган Н ралы Айсаракунов; Сүрөтчүсү С. Ямгырчинов — Б: «У күн» фирмасы 1991.—...б.

ИСВN 5=655=890=5

Казыбектин ырлары 50 жылдан ашуун убакыттан бер эл оозунда гана жашап келди. Көкүрөк катта сакталы көпчүлүктүн көкөйүнө конуп өмүр кечирген бул казалда эчен электен өтүп, жыңылып, айрымдары ал түгүл мүчүл калгандыгы дагы жашыруун эмес. Бул топтом Казыбект ырларынын толук жыйнагы да эмес. Аны дагы да эл ичин чогултуп, кемемтесин толуктоо келечектин иши.

А 62(11)—91 / 4702300200 — без объявл. —91 ББК 84 Ки7—

ИСВN 5=655=890=5

© Мамбетимин уулу Казыбек. «Үчкүн» фир масы, 1991.

## Кириш сөз

Өлкөбүздөгү кайра куруу, жаңылануу жана айкындык иезгилинде Казыбектин ырлары газеталарга чыгып, радиоон берилип жарыкка чыга баштады.

Сталиндик каар замандын капшабына туш болгон Мамстимин уулу Казыбек 1901-жылы Ат-Башы районундагы ерек-Суу кыштагына жамаатташ турган Чет-Келтебик деен жерде Мамбетимин деген оокаттуу адамдын үй-бүлөсүнө туулган. Ал Чет-Келтебикте өнүп-өсүп, ошол жерди жерлеп жүргөн. Казыбек черик элинин Жабыкс деген уруусуан чыккан. Жаш кезинен арабча жакшы окуп, кат таанып, ырларын кагазга өзү түшүргөн жазма акын болгон.

Казыбек 1929-жылы бай-манаптын тукуму деп, кулакка артылып айдалып кетет да, андан акталып кутулуп келгенен кийин эл менен Кытайга качкандыгына байланыштуу 932-жылы экинчи жолу кайра кармалып атууга кесилет. ирок мындай өкүм кийин он жылдык мөөнөт менен түрмөө кесилүүгө алмаштырылып, Оруннор (Оренбург) калаасына айдалат.

Ал жерде 1936-жылга чейин түрмөдө отуруп, андан Өзекстандын Кайрабад деген жериндеги күнөкөрлөр лагерине өптөгөн манаптар жана ак жеринен соттолгондор менен ирге айдалып, барып, суракчылардын токмогунун залдасынан 1936-жылы каза тапкан.

Бул окуяны өз көзү менен көрүп, түрмөдө Казыбек менен ошо жаткан Ак-Талаанын Тоголок Молдо айылындагы рабай деген аксакал 1976-жылы 74 жаш курагында Түп айондук маданият бөлүмүнүн кызматкери Бээрман Бөкөеве айтып берген. Мына ушуга байланыштуу Казыбек акталып, кутулуп келе жатып Казакстандын ..уговой б.кс..ие елгенде ич өткөктөн өлгөн деп мурунку айтылып ..күл..эн өз кандайдыр имиштерге окшоп кетүүдө О..онд.кт.н ..шиин аныгын тактап, далилдей турган мезг.л.да ке.лээ.

«Советтик Кыргызстан» гезитинин 1990-жылдын 30-сентябрындагы «Туура түшүнүп бааласак» — деген Бээрман Бөкөевдин Казыбек жөнүндөгү макаласында көрсөтүлгөндөй: «Казыбектин казалдары толук жыйналып, керек болсо Кайрабад, Ташкент лагерлеринин архивдеринен изилдениш, толугу менен жарыкка чыгышы мезгилдин кечиктирилгис талабы экенин туура түшүнүп бааласак» кандай жакшы болоор эле.

Айтылуу акын Казыбектин ысмы алыска дайын. Кыйла жылдардан бери анын чыгармачылыгы тууралуу талаш-тартыштар, ар кандай пикирлер айтылып келди. Анын жазган ырларын көчүрүп алып, сактап, окуп жүргөн кээ бир жөнөкөй кишилер жана партиялык-советтик кызматкерлер жазага тартылып, муңкүрөгөн мезгилдер да болду. Казыбек өлгөндөн бери арадан 54 жыл өтсө дагы анын ырларын эл такыр эсинен чыгарган жери жок.

Мен Казыбектин ырларын айкындуулук, кайра куруу заманы нурун чачкандан бери эл арасынан жыйнап жүрөмүн.

Эл арасынан Казыбектин ырларын жыйнап, аны Нарында түзүлгөн «Казыбекчилер» уюмуна тапшырып газеталарга жарыялоодо ветерандар Айтбай Өмүрзаков, Чотубай Асаналиев, Дүйшө Турсалиев, Макеш Бактиев, Ракым Асылбаев, Шаршеке Абдыкадыров, Абдразак Шермамбетов мага өз жардамдарын аяшкан жок. Бул ишти жолго коюп дарбазасын ачып, Казыбек жөнүндөгү макалаларды жана анын ырларын элге тартуулоодо Тилектеш Ишемкулов башында турган «Советтик Кыргызстан» гезитинин редакциясына жалпы журтчулук өз ыраазычылыгын билдирүүдө. Нарын облустук «Теңир-Тоо», Ысык-Көл облустук «Ала-Тоо таңы», гезиттери, «Кыргызстан маданияты» жумалыгы жана «Ысык-Көл», «Нарын» радио берүүсүнүн редакциялары да өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша оң натыйжалуу иштерди жасашты.

## КАЛК ИЧИНДЕ БИР НУСКА

Ак кагазды каралап,
Алым келсе бир сөздү,
Айткым келди чамалап.
Казыбектин айтканы,
Калк ичинде бир нуска.
Калса деймин аралап.
Кадырсыз болсо угууга,
Кала берсин талаалап.
Алы келген жумушка,
Ар ким кылат далалат.
Ала берсе түгөнбөйт,
Арт жагынан салаалап.
Түшүп жаткан куштардын,
Түлөгүндөй сабалап.
Көп ойлосо пикирди,
Көңүлүң кетет каралап.
Атайын ырчы болду деп,
Ар ким айтаар табаалап.
Наразылык жеткирет,
Намысчы деген жаманат.
Артыбызда бир өлүм,
Аңдып жүрөт сагаалап.
Каршы келсе кутулуп,
Кантип адам кала алат.
Болжобойлу тагдырды,
Болсок болду саламат.
Артта калбай катардан,
Акчубак деп аталган.
Ак дидарын көрөбүз,
Аман кайтсак сапардан.
Атым молдо Казыбек,
Азим Мамбет уулумун.
Темир тордун ичинде,
Азап тартып курудум.
Таржымал кылып жазамын,
Тарыхымды кыскача.
Талашкандан пайда жок,
Тагдырымдан башкача.

## ҮРКҮН КАБШАБЫ КЫТАЙГА КАЧТЫК ЖАҢЫЛЫП)

Белгилүү кудай өзүңө,
Пенденин жабыр тартканы.
Аскерге бер деп балдарды,
Кулактандыруу чаптады.
Айласы кетип биздин эл,
Аракет кылды качканы.
Аскерлер чыкты артынан,
Аралап элди атканы.
Ыйман айтып күбүрөп,
Ичинен келме жаттады.
Белгилүү кудай өзүңдөн,
Береке элге айтпады.
Бири-бирине жакшылык,
Бир туугандан артпады.
Билемин журттун бар го деп,
Бир кудайга жазганы.
Кайрылбастан таштады,
Калаалуу коргон капканы.
Сайылуу калды бактары,
Сапарга чыгып далайлар,
Саргарып өңдөн азганы.
Толтурган экен бир кудай,
Кайгыны элге чачканы.
Үйлөрү калды чечилбей,
Үркүшүп элдин качканы.
Кутулдук деп сүйүнүп,
Кубанып белди ашканы.
Атына жетпей бир канча,
Арада жөө басканы.
Алсыздар ыйлап ар жерде,
Агызып көзүн жаштады.
Калса мейли дегенбиз,
Кара баштан башканы.
Ара конуп бел ашып,
Ат-Башыдан эл качып.
Катындар ыйлап, жөө басып,
Калк бузулду адашып,
Каапырдын динин талашып.

Оңолоор бекен бир күнү,
Ордуна барса жанашып.
Кадыр, Алла буюрса,
Калаар бекен жарашып.
Кашкарды карай бет алып,
Качып чыкты самашып,
Какандын каны калыс деп,
Качып бардык паана издеп.
Какшаалдагы Черикти,
Санабадык алыс деп.
Жерине бардык бул элдин,
Жети ата өткөн тааныш деп.
Таалайлуу элдин өзүнө,
Тагдырда болот ар иш деп,
Талашып динин мусулман,
Талап кылмак парыз деп.
Мусулмандык жол эмес,
Бузулуп динден жаныш деп,
Андан көрө алал ак,
Ак жерден тентип калыш деп,
Бир чымындай жан үчүн,
Биз баратсак аны издеп.
Кээ бир кыйын шылуундар,
Келатыптыр мал издеп.
Атайын келип алыстан,
Албай кетсек намыс деп.
Жандырбагын абийирди,
Бололу тамыр-тааныш деп.
Кашкарга минип барууга,
Кадырлуу болот чалыш деп.
Кара малды көзгө илбей,
Каптаган ээр дагы издеп.
Кызыл-тазыл шырдамал,
Кызга ылайык дагы издеп.
Күйөөгө берчү кыз үчүн,
Күмүш тердик жана издеп.
Бул сапарда жумушу,
Бүтпөй калды чала издеп.
Келип турар эринбей,
Керектүүсүн дагы издеп,
Ар жагы Терек, Тоюндан,

Аралаш айтсак тобундан,
Аракет кылган биз үчүн,
Ал сөзүң чыкпайт оюмдан,
Жайып бердик калтырбай,
Жылкы түгүл коюндан.
Кейибедик мал үчүн,
Кетсин деп иштер оңунан.
Жалпы Тоюн мыктысы,
Жардамыңды көргөнбүз.
Аракет кылса колундан,
Аябасын билгенбиз.
Алтымыш ат, үч жүз кой,
Аның үчүн бергенбиз.
Кыйналып бизге толгонгон,
Кызматыңды көргөнбүз.
Жардам талап кылбадык,
Жайыңды билип сенден биз.
Аракет издеп жан үчүн,
Айыптыкка келгенбиз.
Адашып кыргыз акылдан,
Арылгыс шорго чалынган.
Каргаша болбой айрылдык,
Кайрылаар тууган жаккындан.
Байкабай түптүү паашага,
Башында бекер катылган.
Сулматы жетип паашанын,
Сундуруп мылтык атылган.
Медеткер болгун сен Алла,
Мээнети-шору тартылган.
Башка келген машакат,
Барган сайын артылган.
Ар пайгамбар Мустапа,
Айланайын атыңдан.
Жардам тилеп ал үчүн,
Жалбарамын артыңдан.
Үмүткөрмүн өзүңдөн,
Үммөтүм деп айтылган.
Урматы үчүн булардын,
Үмүт кылып суранам.
Ак келмеси курандын,
Ажыратпа Ыймандан.

Каза жетип, күн бүтүп,
Караңгы көргө барганда,
Келет дейт эки периште.
Медет кылса бир кудай,
Мээнет-шордон чыгаармын.
Жалпы журтту жалгаса,
Жакшы кабар угаармын.
Санаалаш курбу-курдаштын,
Саламын качан угамын.
Саламат-эсен болгула,
Зарланып мында турамын.
Өмүрлүү бол деп агайын,
Өтүнүп актан сураймын.
Башка келсе убайым,
Паана берсин кудайым,
Айырбасын теңинен,
Ар адамдын жубайын.
Жалпы момун пендесин,
Жалгасын кудай ылайым.
Жазуула тагдыр ушу экен,
Кандай айла кылайын,
Улуу, кичүү агайын.
Уксун деп казал курадым,
Ар ким айтат билгенин,
Акылга туура келгенин.
Аябаймын нак сөздүн,
Алла-таала бергенин.
Кызыл тилим барында,
Кыйлага кетээр эрмегим.
Ыража болсо акысы,
Ыраазы болмок пенденин.
Эзелтен тагдыр бир чийсе,
Арылбайт, тартпай эмгегин.
Чек арада бел ашып,
Кызыл чоктор келгенин,
Кийинки элге бир нуска,
Китеп кылып беремин.
Ошол күндөр өтүптур,
Ойлоп көрсөм элимден.
Бүгүн ойлоп эринем.
Жашынсак далда болот деп,

Жалпы Кытай элинен.
Жан соога деп биз келдик,
Жардам сурап кебимен.
Өтүп ылдый конууга,
Өтүнүп Курман, Бегинен.
Тарс этип мылтык атылса,
Таң сүргөндө жеримен.
Кыяматка күн түшүп,
Кыйла адам шондо кейнген.
Аяктан ылдый өрт келди,
Аскер каптап көп келди.
Көңүлү бузук адамдын,
Көргөн түшү төп келди.
Каптаган кыян-сел келди,
Катары журттун келгенби;
Алыстан сунуп чеңгелди.
Беш атар менен пулемёт,
Атылып мылтык ок келди;
Каныи төктү шол күнү,
Казасы жеткен эрлерди.
Буйругуна тагдырдын,
Ажы, пендең тең берди.
Ажалдуу окко учурап,
Ар кайсы жерде сенделди.
Жамандык катаал күндөрдөн,
Сактай көр кудай пендеңди.
Атылган октор кызарып,
Асмандап өтөт зыркырап,
Талаага кеткен болот ок,
Ташка тийсе быркырап.
Ажыдаар катуу козголсо,
Айбатына ким турат.
Агайындан айрылып,
Ар ким ыйлайт буркурап.
Кара көздөн жаш агып,
Катын бала чуркурап.
Кайрылбай бири-бирине,
Качып жүрөт дыркырап.
Кара ташты бел кылып,
Калгандар жатат пааналап.
Атын таштап, жөө басып,

Аркайган тоого бет алып.
Корккон элге далда жок,
Колоту түздөй көрүнүп,
Апаат болду далайлар,
Күнөөсүз каны төгүлүп.
Ак кепиндеп, ара жууп,
Алар калды бөлүнүп.
Ин ша алла шейиттер,
Ыманы болсун саламат.
Жан болгондун баарысы,
Жан этинде аманат:
Качырып ажал жеткенде,
Кантип адам кала алат.
Айрылып шондо курдаштан,
Акылга түшөт алаамат.
Азапка себеп жок экен,
Канчалык кылсаң далалат.
Бул кудайдын тагдыры,
Кармады катар ушундан:
Каны тарткан адамдар,
Кармалып шондо тутулган.
Колдосо кудай пендесин,
Колунан качып кутулган,
Опосуз болгон дүйнөнү,
Ойлосом көөнүм бузулган.
Кайра айтаар ал барбы,
Каарман аскер барганда,
Калдык деп кара талаада,
Какшатып катын-балдарды,
Агайинден айрылтып,
Армандуу кылдың чандандь
Көңүлү бекем адамдан,
Көрбөдүм мындай балбанды.
Шыпырып, тоноп кийимин,
Шылуундар чечип алганбы.
Такыр алып башкасын,
Таштаса боло дамбалды.
Жаатчылык ушул деп,
Жалаа кылып арманды,
Улутунуп кайран эл,
Ушунчалык зарланды.

Бири-бирине жете албай,
Бир туугандар калганбы.
Адашкандар бул кезде,
Акылын таппай сандалды.
Сурап көр Айдар акеңди.
Сүйлөгөн болсом жалганды.
Тентитип нйбей чогултуп,
Телегей кайра торолтуп,
Кор кылбай кайра конушка,
Кондурар бекен оңолтуп.
Атанын акы балада,
Асырап баккан чоңойтуп,
Көрүштүрүп кудайым,
Насип кылсын оңолтуп.
Эми эле келсек жашынып,
Эптүүлөр бизге асылып.
Көрүнөө качып жүрөбүз,
Көксөөсү журттун басылып,
Барабызбы өз элге,
Бакты таалай ачылып.
Азып-тозуп кайран эл,
Ар жерде жүрөт чачылып.
Өкмөт берсе кеңчилик,
Өтөбүзбү жазылып.
Пендеге кудай мээнетин,
Береби мындан ашырып,
Чоң багыш кылат укукту,
Чокуңдан алыс таш уруп.
Эл кадырын билгендер,
Эртели-кеч бастырып.
Эбин тапкан шылуундар,
Эгинди жутту аш кылып,
Айып көрбө агайын,
Анчейин айтам наз кылып,
Албетте эркиң бар,
Айдап ийсең кас кылып.
Агытып уурv тайганын,
Алдырып качкын малдарын.
Коноктор келет кечкурун,
Колотко коюп балдарын,
Айгак болот кээ бирөө,

Аңдадым деп барганын.
Уурдаган малдын үстүнө,
Уялбай чыгым салганын.
Эптүү көрөт агайын,
Эки жактан алганын.
Качкындардын үйү жок,
Какшатып катын-балдарын,
Көтөрбөскө чара жок,
Кудуретти салганын.
Кытайга качтык жаңылып,
Кыйноону тарттык сабылып
Абыдан куса болдук биз,
Ата-журт сени сагынып.
Баян кылып мен жаздым,
Башка келген балааны.
Айыктырчу бир өзүң
Көңүлдөн кеткис жараны.
Качканым ырас жан үчүн,
Карабадым мал үчүн.
Наараазы кылат адамды,
Начарлыгы турмуштун.
Кара жандын айынан,
Качып-бозуп тырмыштым:
Чет жерлерге бардым чык
Чегинен өтүп кыргыздын.
Не да болсо бул ишим,
Негизи болду кылмыштын.

Нарын облустук китепканасы

## КУЛАК БОЛУУ — КУР ДООМАТ, КЫМБАТТУУ ЭЛДЕН АЙРЫЛДЫМ

Кызыл-Белден кайрылдым,
Кымбаттуу элден айрылдым.
Карасам жүрөк өрттөнүп,
Караанын көрүп айылдын,
Суусунан өттүм Нарындын,
Теңсиздик сага таарындым.
Кара-Үңкүр суусун бойлодум,
Жаш кезимде айдалып,
Канчалык кыял ойлодум,
Жаштыктын буздум ойронун.

Кичи-Оттук жолун өрдөдүм,
Кичине тынчтык көрбөдүм.
Ара туучу аялдай,
Арабада көлдө.
Аштым Долон белинен,
Арманда чыкты элимден.
Аягын байкап кусаң,
Аңгеме чыгат кебиңден.
Эңкейдим арка бетине,
Элимдин чыктым четине,
Эзилип боорум буралат,
Эл-журтум түшсө эсиме.
Түштө көрдүм Кочкорду,
Түрмөлүк дартым козголду.
Туруктуу журттан айрылып,
Түйшүккө кудай кошконбу,
Калем алып жазамын,
Кайгылуу элдин азабын.
Кайгылуу болуп мен көрдүм,
Кара-Коонун базарын.
Капа болгон көңүлдүн,
Кайгысын кантип жазамын.
Аягы көлдүн Ырбачы,
Айткан сөзду тыңдачы.
Ашык айткан сөздөрдүн,
Аягын байкап ылгачы.
Капчыгай, Орто-Көпүрө,
Кайгырам андан өтүүгө.
Кетип барам аргасыз,
Анда-санда өкүнө.
Атайке менен Чым-Коргон,
Айдалып мендей ким болгон.
Ар түрдүү кыял ойлонуп,
Акылыма жык толгон.
Абайлап угуп өтөөрмүн,
Алдымда жаткан чоң ордон.
Келдим Чүйдүн ичине,
Кеп айтпадым эч кимге,
Күнү-түнү жол жүрдүк,
Кирпик какпай кичине.
Токмоктун келдим шаарына,

Токтолуп жердин баарына.
Калем алып кат жаздым,
Калкымда калган жарыма.
Кыргыздын Пишкек борбору,
Бул жерде кедей, чоңдору.
Кыйла кылдык аракет,
Бошотпойт окшойт болжолу.
Терезеден карасам,
Теректин башы чайпалат.
Жашылдан жибек жамынып,
Жай келген түрү байкалат.
Капаста жаткан шордуудан,
Кандай куш кабар алалат.
Кайрыкер болсоң канаттуу,
Сөзүмдүн баарын жаттап ал.
Чындыкты уккан жан болсоң,
Чабыттап учуп айта бар.
Ойлонсом оор салмагын,
Оодарып түшөт капалык,
Оюндун бүтүп жыргалы,
Отузга келип такадык.
Алтымыш жашка жашаган,
Атадан калган ырасмы.
Кырк бештен кыям өткөндө
Кыйноодо болсом ырасмы.
Кымбаттуу кайран жыйырма беш,
Кыйкырсам жетпейт кыраатты.
Карандаш болду жазганым
Карачы өңдүн азганын.
Кайда болсо көрөмүн,
Таалайыма жазганын.
Пешенеге жазылса,
Пендеси ыйлайт агынан,
Бир мен эмес мындабыз,
Нечендер түшкөн тагынан.
Тобо деп куран окубай,
Тоотпой кээде кудайды,
Толгонуп ойлоп отурсам,
Ошондон тарттым убайды.
Кара-Суу менен Бел-Тепшин,
Канаттап конуп эл текшин.

Калк жайлоочу Чырмашты,
Кайгырдым ойлоп сырдашты.
Кайрылып көрөр күн барбы,
Калк ичинде курдашты.
Арчанын башы Коргон-Таш,
Ан сайын жыргап жүрүүгө.
Арак ичпей болдум мас.
Айыл сенин тамашаң,
Артыкча жыргап өчгөн жаш.
Бел-Кара-Суу, Ак-Бейит,
Бек санаймын көп кейип.
Өйүз жагы Бургандыг
Өткөрдүк далай жыргалды.
Аргасыз пенде көрбөйбү,
Алла таалам кылганды.
Ажалга жакын бел байлап,
Акка моюн сунганды.
Артымда ойлоор киши жок,
Аргасыз болуп турганды.
Атылып кетсем кокустан,
Атанын орду кур калды.
Жаратыптыр кудайым,
Жападан жалгыз бир жанды.
Эки жыл өтпөй айланып,
Эрксизден колум байланып.
Эмгектүү Бишкек түрмөгө,
Эми да келдим айланып.
Өнүп-өскөн кайран жер,
Өзөккө салат жалынды.
Айтайынчы азыраак,
Атбашы менен Нарынды.
Кайрылып көрөөр бекенбиз,
Кадырлуу тууган баарыңды.
Ойноп-күлүп өскөн жер,
Оолак алыс калды эле.
Ат чапса чаңы чыкпаган,
Жайлоодон Ак-Сай жеримди,
Айткым бир келди сагынып
Бар жайлоодон башкача,
Баардуу Аксай чөбүңдү.
Канткенде эстен чыгарам,

Каз ойногон көлүндү.
Ээн ойноп жүргөн кез,
Элестелет ан сайын,
Жыпардай жытың буркурап
Жер эстелет ансайын
Баркын билбей турмуштун,
Балалык тентек кыялда.
Канатым талып олтурам,
Каптаган кара кыянда.
Буластап ойноп күлөөрдө,
Бул болду биздин күнүбүз.
Айдай болгон кыз-келин,
Кыйкырсак жетпейт үнүбүз.
Жыйылган оокат тапкан мал,
Жыргатып кимди куунатты.
От жалындай өмүрүм,
Отко күйүп суугa акты.
Опосуз дүйнө шум жалган
Ойлочу кимди жыргатты.
Аргымак минип алкынтып,
Ашып бир кетээр бел кайда?
Азабын бирге тартам деп,
Айтып жүрчү эл кайда?
Азапка түшсө бул башың,
Кайрылбайт экен мындайда.
Күлүктү минип күүлөнтүп,
Ашып кетээр жер кайда?
Күйүтүң бирге тартам деп,
Айтып жүрчү эл кайда.
Күйүткө түшсө бул башың,
Кайрылбайт экен мындайда
Бир кезекте жыргашкан,
Бирге басып сырдашкан.
Орундалып айткан сөз
Олтурган жерден жылбастан.
Карыптык башка түшкөндө,
Кабары жок курдаштан.
Үшүндай турмуш ушундай,
Учалбай тоонун кушундай.
Камакта жатсан кор болуп,
Калмакпы каның бузулбай.

Жабыр тарткан жаш жанын
Жазыксыз шордон кутулбай.
Түгөттү түрмө тукумду,
Түтөтүп бир күн учурбай.
Санаалар болуп түрмөдө,
Сагынам өскөн жеримди.
Санабай кантип коёмун,
Санаалаш өскөн теңимди.
Саламат эсен көрөмбү,
Сан жыргалуу элимди

## УРМАТТУУ КЫРГЫЗ ЭЛИБИЗ УНУТПАЙ БИЗДИ ЖҮРӨБҮ

Күнөкөр болуп кармалып,
Күнөөлүү болуп айдалып.
Элимден бөлөк бөлүнүп,
Эрксиз болуп мен келдим,
Райондук түрмөгө.
Азыр байкап карасам,
Унутулуп баратат,
Ошондогу күн деле.
Камады жалгыз камырга[1]
Капканды салды тамырга.
Как ошондо ойлосом
Кара жан түшүп жабырга
Аз күн өтпөй арадан
Ар жерден адам топтолуп
Ал жерден болбой сотубуз.
Айдап чыкты Нарынга.
Терезеси тор экен.
Черный ворон машина.
Теги кыйын иш болду.
Теңирим жардам кылбаса
Айрылып бүтүн экимен
Азиз башым кор болгон.
Айланам түнүк тор болгон.
Атууга өкүм жол койгон.
Сактай көр алла бир өзүң
Заардуу темир коргондон.
Андагы ачык деөлөттөр,
Асыл башка шор болгон.

---

[1] мырга — камера деген сөз

Өкүнүч менен жаш өмүр,
Өтүп барат болжолдон.
Эми билдик баркыңды,
Эрктүү күндү койгондон.
Ак карабыз ылганбай,
Айдалып чыктык арадан.
Кайырлуу кыл кудайым,
Калтырдың канча жалаага
Бар сарамжал колдо жок,
Барктап тамак иче албай
Мусаапырлык жолдобуз
Муңдуулук көңүл ачылбай
Жатабыз чогуу бул жайда,
Күнөкөрлүк шарт менен.
Жоопкер болдук закону,
Жоюлбаган дат менен.
Өкүмгө көнүп аргасыз
Өлө албадык арданып.
Катуу жаза мойнумда
Алсыз болуп турганда.
Ырайым тилейм кудайдан,
Ыраазы болуп буга да.
Короосу менен кой калды,
Салынуу сарай там калды
Санаты менен мал калды.
Убайын көрбөй биз кеттик,
Эмгексиз күткөн малдарбы,
Балким чындыр ошондой,
Башка айтууга ал барбы.
Кесирлүү залим бай-манап.
Мал-мүлкүнөн ажырап,
Мусапыр болуп тим калды
Нарындан чыктык кыйналып,
Наарazы болуп ыйладык.
Көрүнбөй шаар калганча,
Көздөн жашты тыйбадык.
Ал күнү ажал жогунан.
Арандан зорго жан калып,
Айрылып ага-туугандан,
Алыска чыктык айдалып.
Базардан чыктык топтошуп

Баса түшүп коштошуп,
Байкуш эл калды кантейин,
Бакырып ыйлап боздошуп.
Калк ичинде курбулар,
Калды бекен жоктошуп.
Ала-Тоо калды көрүнүп
Ансайын көңүл бөлүнүп,
Буркурап ыйлап кыз калды,
Буурчактап жашы төгүлүп.
Кол кармашып агайын,
Коштошуп чыктык өзүңдөн.
Кош аман бол дегенде,
Козголду жаштар көзүмдөн
Эл ичинде жүргөндө,
Эркелеп жигит эсирген
Кайырлуу кыл кудайым
Каталык кеткен өзүмдөн.
Айырдың го кудурет,
Ат-Башы Нарын алтындан.
Айланып топо буйрабы,
Ага-тууган жалпыңдан.
Араба менен калдырап,
Айнектей көзүм жалдырап
Айдалып чыктым алыска,
Амалсыздан далдырап.
Полондун белин жөө ашып,
Өйдө-ылдыйда жөө басып.
Кайгылуу болдум өң азып,
Тогуз күндө Бишкекке,
Токтолуп келип түшмөккө.
Буюрган жерден насипти,
Бура тартпай ичмекке.
Кечээ келдик ошентип,
Кен Бишкектин шаарына.
Көбүнчө салам айтабыз,
Көргөн-билген баарыга.
Канчалык болдук ынтызар
Калктан кабар алууга
Келди мында айлалып,
Кемпир менен абышка.
Ийри-түзду ылгоочу.

Ишибиз турат калыста.
Кудай билет биздерди,
Кайрылып элге барышка:
Айтаарсың салам биз үчүн,
Ак сакалдуу карыга.
Алла таала медет бер,
Ар пенденин алына.
Алсыздык келип башыма;
Айткым келди жарыя:
Айдалып келди бир нече
Ак сакалдуу карыя.
Жыйылып адам көп болуп;
Жыйырма эки күн топтолуп:
Ара күрмө биз кеттик,
Айыпталбай соттолуп.
Олтурдук келип поездге
Он эки, он үч топ болуп,
Кечки саат ондордо;
Кетти поезд козголуп.
Көрбөйбүз деп экинчи,
Көңүлгө кайгы топтолуп:
Кызыл өңдөр боз болуп,
Кыйла дарттар козголуп.
Түнү менен он күндү
Түгөтө албай эригип,
От араба мингенден,
Ошончолук зеригип.
Убайымсыз тынч жатып,
Уктай албай керилип.
Кандай күндөр болот деп,
Кайгыга көңүл берилип.
Көрбөгөндөр поезддин,
Көп тураарын биле албай.
Токтой калса жүгүрөт,
Түшпө десе тил албай.
Ашыгып жүрсөк биз бөлөк,
Аксак, чолок алсыздар
Артта калат кире албай.
Эмгектүү кемпир, чал келди,
Эл журтунда тим калбай.
Орунборго жете албай,

От арабада чарчадык,
Атын уккан Тешкен Тоо,
Артта калды канчалык.
Он күн жүрдүк арада,
Ошончолук санаада
Оодарылып биз келдик,
Орунбор деген калаага,
Бактысыздык күнүмдүк,
Башка келсе караба.
Келтирер болсо кудайым,
Кезеги көп жаца да,
Баштан тайса дөөлөт бак,
Пашаадан калат алтын так.
Ачып көздү жумганча,
Ажырап малдан болдук сап.
Кор кылбастан кудайым
Койсоң болду денди сак,
Алла ырайым кылбасаң,
Алым начар ушул чак.
Өлбөй жүрсөк өмүрдө,
Сөөктөн кеткис болду так.
Башка келген дөөлөттү,
Бактысыздык качырат.
Бактың туура келгенде
Байлык кайда жашынат
Жараша бакты-талаайың.
Жарк этип багың ачылат.
Арам эти тартканда
Аксап күлүк басынат.
Ар ким сүттүү сүрөгүн,
Алып жүрөт асырап
Аракет кылып мал тапсан
Андан-мындан кашылап,
Эп көрбөсө өкүмөт
Ээси кайда жашырат.
Алладан өкүм болгон соң,
Ар ким бирдей чачылат.
Бир жыл болду чамасы,
Биз подполго киргени
Акты болсун кайырлуу
Абалды эч ким билбеди

Жабырлуу болду биз үчүн
Жаратkандын күндөрү.
Жатса жамбаш талдырат,
Жан кейитип түндөрү.
Kандай күнгө туш келдим,
Kайгыга көнүл берилип.
Kайта кетээр күн барбы
Kарчыга куштай теминип.
Башымда турган азыркы,
Балээлүү күндөн женилип.
Ит дүйнөгө алданып,
Отун албай мал багып.
Оокат кылбай жан багып.
Ат токунуп мингенден
Айбыкчуу элек арданып
Kайран эл сени көрөрбүз,
Kайтып келип айланып.
Биринчи мартта биз кеттик,
Ссылка болуп айдалып
Kекенген душман kалды го,
Kетти го деп айдалып.
Атын уккан душмандар,
Ансайын көнүл жайланып.
Ак шумкар торго тартылган,
Айлана албай талпынган.
Kейишин тартып мен үчүн,
Келээрим барбы артымдан.
Таалайым сенде кудурет,
Тайдырбагын баркымдан
Аркалаарга ага жок,
Ага, тууган жана жок.
Абалкыдай жүрүүгө,
Ат-Башы, Нарын калаа жок.
Санаа күлүк изи жок.
Kалкынан азган мендейдин,
Kадырын билээр бирөө жок.
Ойноп-күлүп жүргөн чак
Ойдон кетпейт эскирип
Ойлонуп жатсам тан атпайт,
Ошончолук кеч кирип,
Мусапырлык жолунда

Мундуулар ыйлайт эчкирип.
Анчейин арлык кылбаймын
Акылга туура ылгаймын.
Узак сапар мен чыктым
Унутуп сени калбаймын.
Урук-Тууган сен үчүн
Ушунчалык зарлаймын.
Кайрат кылам ойлонуп,
Калың -черик арбагын.
Ниетинен табат ар пенде,
Аяты бар алланын.
Бешенеде бар болсо,
Берээриңден тапбагын.
Абалтан ойноп бир жүргөн,
Ат-Башы, Нарын балдарың.
Карыя деп атанган,
Касиеттүү чалдарың.
Көрбөй калсак жүзүңдү,
Көтөрүлбөс арманым.
Айырды кудай бат эле,
Алланын көрчү парманын.
Ат-Башы, Нарын атагың
Алыста калды капамын.
Өз журтумдан ажырап,
Орунбордо жатамын.
Туулуп өсүп-өнгөн жер
Түзүңдү качан татамын.
Ар дайым эле колдой көр,
Арбагы журттун атанын.
Айланайын Ат-Башы
Аламдын багын ачаарым
Самаганын алуучу
Сарт-Кечүү турат базарын
Кашында турат Чеч-Дөбө
Касиеттүү мазарын
Жарды байы белгисиз
Барган адам келгисиз
Көптөн бери кыдырып
Көрбөдүк сиздей жерди биз
Экинчи кайтып жүзүдү

Көрөбүзбү элди биз
Ат-Башы ата бооруңа,
Алда кандай сыйбадык.
Караанынды эскерип,
Калганыңды кыйбадык.
Карып болуп ушинтип
Кара жанды кыйнадык.
Ойлосок оңол жерибиз,
Уктасак түшкө киреби.
Урматтуу кыргыз элибиз,
Унутпай бизди жүрөбү.

## АКЫЙКАТ КЫЛЫП ӨКМӨТ АКТООЧУ ЗАМАН КЕЛЕБИ

Ар бир иштин белгиси,
Азаматтын багынан.
Амандыгын тилегин,
Айрылсаң жигит багыңан.
Ал үчүн кайгы жебегин,
Артык эмес жаныңан.
Кор болот мээнет чырмаса.
Кайраттуу деген кабылан.
Айырбасын кудайым,
Акыры дендин сагынан.
Алла-таала медеткер,
Ар пенденин багынан.
Улуу кудай өзүңө,
Жалынам да жалбарам.
Каптап кетти толкутуп,
Караңгы шамал, катуу сел,
Болгон соң түрдүү машакат,
Көңүлдү басты кайгы чер.
Ашуусу бийик, жолу тар,
Алдыбызда турат бел.
Баш айланып болду дел.
Пааналарым болуп сен
Падыша, кудай колдой көр.
Акыл кетип ордунан.
Алсыратып басты тер
Алсыздарга дарман бол,

Азирети, Аалы шер.
Ажалдуу окко учурап,
Айдалып кетти нечендер.
Азыркы турмуш эң начар.
Артын кудай өзүң бер.
Миң тогуз жүз жыйырма,
Тогузунчу жылында
Манаптар деп айдалып,
Маалым болдук кылымга.
Эл-журтуна баш болгон,
Эчеп залкар айдалган.
Эркинен такыр ажырап,
Эки колу байланган.
Тилекти кудай береби,
Акыйкат жасап өкүмөт
Ушулардын баарысын,
Актоочу заман келеби.
Адашып элден ким келген.
Айдалып кырк төрт бир келген.
Баян кылып билгизем,
Баштап айтам бир бирден.
Кетмен-Төбө жеринен,
Келди жалгыз элинен,
Таалайы бар эр экен,
Тайбай жүрөт эбинен.
Бала болуш Байгазы
Баарына тийчү пайдасы.
Кезеги жок бул кезде
Кетип турат айласы.
Бактысыздык бир турмуш,
Башта турат байкачы
Пайгамбар көргөн биз эмес,
Пайдалуу болсун аркасы
Келтирди мынча турмушка,
Кедейдин тийип пайдасы.
Кең дүйнөнү тар кылган,
Кесирлүү залим заңкасы.
Тийээр бекен биздерге,
Адилет Совет аркасы.
Кара-Көл экен дубаны,
Карып калган убагы.

Карыя болуш Кулбарак,
Касиеттүү бу дагы.
Сай күлүктүн бири экен,
Заманында бу дагы
Кайраты бар башында,
Кабылан экен жашында.
Энкейип мында келсе да
Эпкини турат азыр да.
Келген экен бир нөөмөт;
Керектүү нечен асылга:
Байгазы, Чекир, Ажыны;
Балдары менен айдаган.
Барлык менен ошолор,
Баркынан мурун тайбаган.
Кангелди менен экөөнү
Катары менен кармаган.
Канча убактан бери жакка
Катардан эч бир калбаган.
Кээ бир алсыз кедейди,
Кезеги келсе жалгаган.
Калкынан азып бул кезде,
Карылар мында зарлаган.
Кантели алла тагдыры,,
Кайырып тиле алладан,
Ырсалы менен Ысмайыл,
Ылгалып келди Кыдыктан.
Ташка салса тайбас эр,
Тапкандырсың кылыктан.
Андай эмес тагдыр шол
Айтабыз наадандыктан
Кадимки чоң Балтабай,
Кандын уулу Жумадил
Ардактуу болуп Бугудан,
Атасы өткөн бир адил
Ошол эрдин баласы,
Орунсуз турат жалаасы,
Армандуу күнгө түш болгон,
Асылзаттын баласы.
Адам деп айтам ошону
Азаматтын даанасы.

Тирүү жүрсө калкына,
Тийүүчү экен пааناсы.
Кара-Кол менен Нарындан,
Кабар алгын анындан.
Ичинде жүрөт бир бала,
Илбериңки баарынан.
Кангелдинин Жусуп деп,
Карылар айтат түзүк деп,
Кайгырып буга көнбейт,
Кандай да болсо мейли дейт.
Тобокелчил эр экен,
Топко тийчү неме экен,
Кадырлашкан жолдошко,
Кайраты катуу бел экен.
Кат-калеми колунда,
Кайраты бар оюнда.
Карарып кызмат кылгансып,
Карыптардын жолунда.
Сактай көр алла биз карып,
Саясаттын торунда.
Ар ким жүрсө өзүнүн,
Ажырабай тобунда.
Жакшы-жаман, өйдө-ылдый.
Жарашыктуу ордунда.
Айланайын кудайым,
Алсыздарды кор кылба.
Оодарылып Нарындан,
Он эки адам алынган.
Алла таала бир өзүң,
Азат кылгын жалындан.
Айтамын баштап ардактуу,
Ажы, Чынгыш болуштан.
Кайран Мусакожонун,
Кабарын айтам ошонун
Айтамын баштап ардактуу,
Ажы, Чынгыш болуштан.
Кайран Мусакожонун,
Кабарын айтам ошонун.
Кайратың кетип ажалдан,
Кабылан элең бошодун.

Калыбына турбайын,
Кантейин дүйнө осолун.
Уругу саяк жалпыңдан,
Урматтуу элең калкыңдан.
Азелде тагдыр шол экен,
Айрылдык сиздей алтындан
Алты атадан бери жакка,
Айрылбадың баркыңдан.
Эзелде тагдыр экен деп,
Айтып калдык артыңдан.
Мына ошол калсын бир нуска,
Мусакожо маркумдан.
Артыгы элең буудандын,
Агасы элең тууганды
Күлүгү элең буудандын,
Күйөөрү элең туугандын.
Башыңа дөөлөт келгенде,
Паана болуп куралдың,
Күндө жыйын-топ болсо,
Күлүгүң чыгып кубандың.
Салганың тайган куш эле,
Салтанатың ушу эле.

Буркутуң бөрү, түлкү алган.
Бирлешкен кишиң мүлк алган.
Ар кимге упаа кылбайсың,
Атаңдын көрү куу жалган.
Адагы өткөн сиз эмес,
Азирет Аалы шер балбан.
Салмагың оор сал элең,
Санжыргалуу жан элең.
Кадырлуу болуп калкыңа
Кан заадача бар элең.
Кандай да болсо таяке,
Касиеттүү жан элең,
Он сегиз миң ааламга,
Акимдик кылган Сулайман,
Айланып ажал жеткенде,
Ал дагы өткөн бул жайдан.
Алты атадан бери жакка,
Адилет дооран сен сүрдүң

Арманың жоктур кылайган.
Пайгамбарлар баары өткөн,
Падышалар, хан өткөн,
Өкүнүч жок өлгөнчө,
Өзүңдөй нечен жан өткөн.
Ажалга жанын зар кылган,
Атантай, Жоомарт дагы өткөн.
Акыйкатсыз кармалып,
Алыска келдик айдалып.
Айланып келбес о[illegible]уна,
Ар канча айтсам зарланып.
Аттанып келбес сапарга,
Ажалга колуң байланып
Өткөн өмүр, качкан куш,
Өкүнсөң келбес айланып.
Калкынан азган мусаапыр,
Карыптар жалгыз биз эмес.
Карыптык менен бул жолдо,
Пайгамбар өткөн сиз эмес.
Аман кайтпай сапардан,
Ага-иниңди кейиттиң.
Артыңыз болсун кайырлуу,
Эсили болдуң шейиттин.
Бирге келген жолдошуң.
Бири-бириңди колдогун.
Барабар келген калкыңдан,
Байлык журттан артылган.
Ардактуу Канат курдашың
Адагы кетти артыңдан.
Айлыңдан бирге келгениң,
Акыреттик эрмегиң.
Ар ким өтсө силердей,
Арманы болбос пендениң.
Ата кылсын ыйманды,
Акыреттик эрмегиң.
Амандык берсин кудайым,
Алсыз карып биздерге
Карыя сизден айрылып,
Калды ага-ини кайгырып,
Олтурабыз бул жерде,
Оренбургду жай кылып,

Кайырлуу кылсын кудайым
Кылганы бардыр тайкылык.
Ат-Башы, Нарын жеринен,
Ала-Тоо, ашуу белинен.
Асырап малын багуучу,
Ак өзөн Ак-Сай чегинен.
Калың Черик, Моңолдор,
Касиеттүү элинен.
Калды деп журтум Моңолдор
Кайгырып бүгүн кейиген.
Бороондуу, Ача, Көк-Күмбөз.
Болжолдуу калды конушуң.
Форумуң артык Моңолдор,
Боогачы кетти болушуң.
Кадыр Алла тилейин,
Кайырлуу арты болушун.
Картайганда Калдыбай,
Каралшкан тууганың.
Ардактуу болуш Боогачы,
Аман болгун бууданым.
Алсыздык башта биз мында,
Амыры онол кудаанын
Али да болсо агайын,
Амандыгың сурайын.
Карыптардын абалын,
Казал кылып курадым.
Алла таала медет кыл,
Алсыздык тартып турамын.
Күнүм болсо бул кезде,
Күлүп-ойноор убагым.
Күлмөк турсун залимдин,
Күйүтүн тартып турамын.
Теңдиги жок Николай,
Тексизге жетсин убалым.
Ааламга тийээр жаркырап,
Адилет Совет чырагың.
Жаркырап тийээр бекен деп
Жалбарып тиктеп турамын
Каламда бүткөн иш болсо,
Кандай бир айла кыламын.
Жумгалдан бар Жумабай,

Эсенбай ,Калый, Мырзалар.
Эртели-кеч алладан
Эсендик тилеп турсаңар.
Өзүбүздөн өткөн бар,
Өмөктөп тобо кылсаңар.
Курсанттык кылып кудайдан,
Куткаргын деп бул жайдан
Ажеп эмес мырзалар,
Азат болсо убайдан
Аман кайтсам сапардан,
Арман калбас кылайган.
Ага-ини достордон,
Ажырап кимдер козголгон.
Ырсалы менен Калыйды,
Ылгап келди Кочкордон.
Арпа бир, Ак-Сай жайлаган,
Ала-Тоо калды айланаң,
Жылжытып жылкы айдаган,
Чыңыртып кулун байлаган.
Күңгөйгө тилин кайраган
Күкүгү муңкап сайраган.
Көк өзөндүү көк өтөк,
Көркүнө чыгып жайнаган.
Жылжып бир аккан суусу бар,
Жыргалдуу жерлер ушулар
Ошондо ойноп жүргөмүн,
Ойлосом көңүл бузулаар.
Бурулуп келсе бул жерден
Буюруп койгон тузу бар.
Кантейин алла тагдыры
Калемде жазган ушулар.
Бешенеде бүткөнчө
Бечара пенде учураар,
Ага-ини, чериктен,
Ажыратып эриктен,
Мабетимин, Чортекти,
Бөлүп келди Чериктен
Ак өзөн Ак-Сай жер ошол,
Ардактуу Черик эл ошол,

## АЛА ТОО СЕНИ КӨРӨМБҮ

Ата туулуп өскөн жер,
Ат-Башы, Нарын асырап.
Ар порумун эске алып,
Айткым келди азыраак.
Ошол жерге кудайым
Жеткирээр бекен батыраак
Көк шиберге үй тиксе,
Көркөмү чыгып чатырап.
Күн тийгенде суу кирип,
Күкүгү сайрап чакырат.
Торгою чөлдө сайраса
Тоосунан улар үн салып,
Токойдо элик бакырат.
Тоодагы түстө топтосо,
Токоюн кыргоол оттосо
Колотун коён боктосо,
Козголуп бирөө тосбосо
Айланам Ала-Тоо болгон
Адырың терең коо болгон.
Абасы салкын эң таза,
Адамдын дени соо болгон.
Эшикке чыксаң салкындап
Эпкини тийип калкылдап.
Кыбыладан жел согуп,
Кыймылдап чөбү жалтылдап,
Ыраңы жашыл көк болгон
Ыргалган шибер чөп болгон.
Жердеп жүргөн адамдын
Жегендей көөнү ток болгон
Көрүп жүргөн адамдын
Көөнүндө кайгы жок болгон
Эстесем ошол жеримди
Эзилип ичим чок болгон.
Кайран Нарын, Ат-Башы
Кадырың бүгүн жоктолгон.
Көйкөлгөн ыраң шиберге
Ак үйдү тиксе көрк эле.
Айлантып ойлоп өткөндү

Кезеги келген күндөрдө,
Келинди кимдер сүйбөгөн.
Күмүштөй тиши кашкайып
Күлө багып сүйлөгөн.
Күлүктү кимдер минбеген,
Күүлөнүп кимдер жүрбөгөн
Дөөлөтү болсо башында,
Доорону кимдер сүрбөгөн
Ойноп кимдер күлбөгөн.
Ошондой кимдер жүрбөгөн
Кадырлап ошол баркынды
Каталык бизден, билбеген
Ошолордун бирөөлөр,
Ойлонсом түшкө кирбеген.
Кайгырбайлы буга да,
Калемде мурда чийилген.
Оодардын ошол жеримден,
Опасыз экен шум жалган.
Алым начар медет кыл,
Азирет Аалы шер балбан.
Арманы ичтен кетеби,
Айтып жигит кошпосо.
Береби кудай тилекти,
Бечера пенде боздосо.
Ээликкен көнүл басылбас,
Экинчи кайтып кошпосо.
Айланып жетсем калкыма,
Алдымдан шамал тоспосо.
Ак өзөн Ак-Сай жайлаган
Ала-Тоо турат айланан.
Жылжытып жылкы айдаган
Чыңыртып кулун байлаган.
Көк өзөн жайлоо ичтерин
Көркүнө чыгып жайнаган.
Жылып аккан суусу бар
Жыргалдуу жерлер ушулар
Ошондо ойноп жүргөндү
Ойлосом көнүл бузулаар.
Бурулуп бизди бул жерге
Буюруп койгон тузу бар.
Күн тийбеген зоозу бар

Күркүрөгөн суусу бар.
Адамга маашыр Тянь-Шань
Ала карлуу тоосу бар.
Алдастап агып суулары
Айтылбай калат ушулар
Ак карлуу мөңгү кетпеген
Ала-Тоо биздин өскөн жер
Аны жердеп ээлешкен,
Ак калпак кыргыз биздин эл.
Элечектей агарып
Мөңгүсү сонун көрүнөт.
Эстесем ошол жеримди
Эң эле көңүл бөлүнөт.
Ашып белге чыкканда,
Айнектей көлү көрүнөт.
Атактуу жерди мен эстеп,
Акылым эчен бөлүнөт.
Ак боз үй тигип жээгине,
Айлана тартып эл консо,
Айылым сонун көрүнөт
Акылым айран бөлүнөт.
Кырына чыксам күзгүдөй,
Кызыктуу көлү көрүнөт.
Кызыгып эстеп элимдин
Кыялым нечен бөлүнөт.
Көктөн булут жүргөндө
Көнөктөп жамгыр төгүлөт.
Көркөмдүү ошол жерди эстеп,
Көңүлүм нечен бөлүнөт.
Көлүнө түшсөм чөмүлүп,
Көңүлүң сергип ачылат.
Жээгинде жүрсөк салкындап,
Жеңилип суусун басылат.
Жылкы жайса көл бойлоп
Жеринин көркү ачылат.
Жеримдин түрдүү байлыгы
Ак кагазга жазылат.
Аркырап аккан сууларың,
Айланып учкан кууларың.
Ала-Тоого жарашкан,
Адырлуу бетте туланың.

Айдагандай ар түрдүү.
Ак бетеге буларың
Каалагандын баары бар
Кандырып адам кумарын
Аскасында ээн өскөн
Аркар, кулжа, эчкисн
Аны карап турганда
Адамдын келбейт кеткисн
Ар дайым жойлоп түнкүсүн
Ак калтар, суусар түлкүсү
Айланын үчүн аң уулап
Ак туйгун, барчын, бүркүтү
Чыбырлуу жайыт коолоруң
Кол менен жасап койгондой
Жалама бийик зоолоруң.
Ошол тоодон табылган
Ар түрдүү шахты кениң бар
Айланайын Ала-Тоо.

Сенин кай жеринде кемиң бар.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Зоосунан ташын кулаткан
Топтошуп чыгып аралаш,
Тозоттуу жерден чубашкан,
Тамаша кылып мергени,
Тарс атып түтүн булаткан.
Тапабын тартып итшшп,
Тайганын кошуп чуркаткан.
Адис мерген балдары,
Каршы-терши сулаткан.
Жайкалган шибер жашыл гүл,
Жайлообуз сонун жарашып
Ошол өңдүү жеримден,
Мен жүрөмүн адашып.
Бошонсом барып каламын
Буюрса элден туз насип
Тозуп калбай алдымдан,
Коё берсе жол ачып.

Кең Соң-Көл биздин жерибиз,
Күзгүдөй кооз көлүбүз
Салтанат куруп жайлоодо,

Эркинче жатат элибиз,
Эрккенде сөз чыгар
Эсен да болсо демибиз:
Эркелеп ойноп өскөн жер.
Эстейбиз сени күндө биз.
Агайын тууган эл калың,
Алыска келдик айдалып
Кайрылып эсен көрөмбү,
Ала-Тоо сени айланып.

Көркөмүң сонун кең Соң-Көл.
Күзгүдөй тунук мөлтүрөп.
Куш салып ойноп жээгинде,
Күлдөгөн элиң эркинден.
Аскасынан кулаган,
Ак мөңгүнүн суулары.
Арасында абдан көп.
Ажалга дары булагы.
Кабактан чыгып кендериң,
Казып жатат элдёриң.
Канткенде сени унутам
Туулуп өскөн жерлерим
Ушул жерди жайлаган,
Катарлап желээ байлаган.
Каткырып күлүп ойногон.
Катарлап өскөн элдерим.
Киндик кесип кир жууган,
Кең Соң-Көл, Жумгал жерлерим
Кайрылып эсен көрөмбү,
Кадырлуу кыргыз элдерим.
Өйүз-бүйүз Ат-Башы
Элдин баары көчкөндө.
Бодо малы батышпай,
Босогодон өткөндө.
Алды барып конуучу
Арпанын Өстөнгө,
Аскасы бийик Ала-Тоо.
Зоолору типтик сайылган.
Жааны такыр өксүбөй,
Атылып күндө чагылган.
Ойногонбуз күлгөнбүз.

Оюндун баркын билгенбиз.
Кезеги келген кездерде,
Көөнүнчө доорон сүргөнбүз.

## ТАГДЫРГА ЖАЗГАН ТУРБАЙБЫ

Жаздым казал кат менен,
Жаралуу көңүл жаш менен.
Жайчылык өмүр өтөбү.
Жабырланып дат менен.
Өкүмөткө таанылдык,
Өзгөчө жаман ат менен.
Өң көрүшөөр бекенбиз
Өнүп өскөн калк менен
Өзүмдүн атым Казыбек
Өткөрдүм баштан каспет
Жыйырма сегиз жашымда
Кетирип кубат алымды
Жабыркатып бир жактан,
Жалгыздык турат башымда.
Жатсам, турсам ойлонуп
Жабырым башта мол болуп.
Жалгыздык сенин айыңдан
Жалооруймун кор болуп.
Жардылык, байлык кимде жок,
Жакынын болсо толгонуп
Бактысыздык болгон соң
Байланган жипсиз колдорум,
Тарттырдың түрдүү машакат,
Таалайга жазган шор болуп.
Келечекте турмушум,
Кетээр бекен оңдолуп
Өзүңдөн алла тилеймин
Өмүрүм узун мол болуп
Кара суудан каз уулап
Бойлоп жүрдүк бир кезде.
Калбасак деп катардан,
Ойноп жүрдүк бир кезде.
Атып мылтык, куш салып

Дуулдап жүрдүк бир кезде
Аздыр-көптүр мал күтүп,
Айдап жүрдүк бир кезде.
Арпа менен Ак-Сайды,
Жайлап жүрдүк бир кезде.
Аркасы менен атайын,
Куунап жүрдүк бир кезде.
Азаттык башта, мал колдо,
Пулдуу болдук ал кезде
Жыбылжытып жоргону,
Минип жүрдүк бир кезде.
Агайындан ажырап,
Азыр муңдуу болдук бул кезде
Баян кылсам салтыңды
Баарын айтып калкымды.
Азиз элем айтууга,
Ар бир түрлүү дартымды.
Көтөрбөпмүн, билбепмин,
Колдо бар алтын баркыңды.
Ар качан айтсам арга жок.
Ала-Тоо сендей салкынды.
Эми бир көрөөр бекенбиз,
Ээн жайлоо алтынды.
Эркин өскөн мурунтан,
Элим кыргыз баласы.
Айдап малын жүрүүгө
Ар кимдин келет чамасы.
Эртели-кеч эрмектеп,
Эт менен кымыз калаасы.
Элүү киши ичсе да,
Эңкейбеген сабаасы.
Кор кылбагын кудайым,
Кармалып келдик манаптар
Ала-Тоо ашуу бел калды.
Андан туулуп бирге өскөн
Агайын туугап эл калды
Кимдер бизди аясын
Кирип келсе ыгына.
Карматан туткан дүйнөдөн.
Калбады бирөө ырымга,

Кантейин алла тагдырым,
Калемде жазган чыгымга,
Аралап ойноп бастырса.
Адамдын баары ачылаар.
Алла таала кылган соң,
Ар ким биздей чачылаар.
Сагынычтуу баягы,
Замандаштын баяны.
Ийри санаа азамат
Ичинде кылаар табаны
Өрүүдө болдук чамалаш,
Көчкөндө болдук аралаш
Көрсөтөөр бекен кудайым,
Көп алыс калды санаалаш.
Айт-арапа күндөрдө
Алкынтын күлүк мингенде
Калк ичинде курбулар,
Кадырлаш ойноп күлгөндө
Сагынып салам айтабыз
Замандаш ойноп күлгөнгө
Зарлантпай кудай жеткирээр
Санаалаш ойноп жүргөнгө
Санаага түшөт көп пикир,
Салам дуба келгенде.
Балдары жорго минишкен.
Баарылап ойноп күлүшкөн.
Шерине жеп, купан чаап,
Баш бошобойт үлүштөн.
Ак өзөн Ак-Сай жер озол,
Ардактуу Черик эл озол.
Алды артымды карасам.
Айланам туюк темир тор.
Калкыма эсен барарга,
Кадыр алла бергин жол.
Күлүктү байлап кермеге.
Күрпөндү союп шернеге
Күрдөөлдү элим Тянь-Шань
Күлдөбөй турган жер беле.
Түйлап жүрөк ойногон,
Баян кылын салтымды,

Эми көрсөк арман жок,
Энкини бар салкынды.
Ар качан айтсам айыбы жок,
Ала-Тоо сендей алтынды.
Азыр келдим айтууга,
Ар бир түрдүү шартымды.
Капталган тордон чыга албай
Кайрылуу болсун арт жагы.
Канат-куйрук чарпылды.
Мусаанырлык саламым
Муңдуулар үчүн айтылды:
Болжоп көрсөм ар иштин
Болот го адам багынан
Бузулса жигит ишинен
Жолдонот түрдүү жагынан:
Качкан болсо бак-таалай
Кан куйлайт алтын тагынан:
Каарына алса жараткан.
Капканга түшөт кабылан.
Канчалык отко түшсөм да,
Калбаймын кайрат сабынан.
Тар босого, тар эшик
Жер түбүндө кысталдым
Таалайга жазган иш экен,
Табаасын көрдүм душмандын
Табаалаган душмандын
Талабын тартчу эгем бар.
Таарынбаймын тагдырга,
Таалайда жазуу ченем бар.
Тагдырда жазган турбайбы,
Таалайдан көрсүн деген бар.
Калем алып колума
Кат жазам кана болгон соң
Кармалып болбос жалаа үчүн
Кайгым бир ичке толгон соң
Калкымда эркин жүргөндө
Кадырын билбей дүйнөнүн
Кайгырсам көзгө элестейт.
Кадимки үйдө жүргөнүм
Курбу-курдаш жанында

Катkырын ойноп күлгөнүм.
Бир кезекте эркинден,
Сайрандан ойноп жүргөн чак
Самаган ишим орундан.
Саатына өскөн таалай-бак
Өткөрдүм далай турмушту.
Тарткылыкка чара жок..
Эркимче жүрүп жаркылдан
Бул кезде турам дайрада
Агындыча калкылдан.
Боштондук мени туткундаг
Айткым келди аралаш
Эсиме түшүп сагындым,
Эл журтум жакшы санаалаш.
Толкундуу көлдө отурам
Тозокко жакын чамалаш
Баркын билбей турмуштун,
Балалык тентек кыялда
Байкагандар билишээр
Барчу эмес элем зыянга
Башына келет бул турмуш
Байкасам нечен кыраанга
Канатым талып отурам,
(бул кезде) каптаган толкун кыянда.
Манаттай жанып күн чыкса.
Магдырап турат айланам.
Мунайым тартып угулат.
Булбул куш сайрап унчукса.
Булут бир болдум көктөгү.
Бөлүп бир шамал айдаган.
Бошонсок барып калаарбыз,
Буюрса насип кайрадан.
Азыркысын сурасаң,
Алыска минтип келгенмин,
Азыраак менин күнөөм бар.
Эскирсе шорум арылаар,
Эртеңки күндөр жаңыраар
Өтүп кетсе кайран жаш
Өкүнсөк кайдан табылаар.
Бирок да тагдыр ушу экен,

Билгенге бакыт күч экен
Өтүп кеткен күндөрдү,
Ойлонуп көрсөм түш экен.
Айдалып жүрсөм ушинтип,
Алыңды сурап ким келет.
Айлаң кетип турганда
Айылга кабар ким берет.
Төрт бала менин жолдошум
Түбүн кудай оңдосун.
Кат жазып кабар билдирем
Калкым бир капа болбосун
Ысык-Көл менен Тянь-Шань
Ыр кылып жазам быяктан.
Ыгы келсе кат жазгын,
Эрикнестен үй жактан
Алыста калып балдарым
Аталап мени сагынды.
Алланын иши ушу экен,
Алыстан минтип зар кылды.
Армандуу дүйнө жалганды.
Ага-инилер калганды,
Ардактап жакшы баккыла
Алдыда калган балдарды.
Кесилгендин зары бар.
Келин, жеңе дагы бар.
Жаш да болсо экөөнү
Кейитпей жакшы багып ал.
Таттуу уйкудан ойгонуп,
Талыкпай баккан эне бар.
Куда, сөөк дагы бар,
Курдаштардын баары бар,
Кутулуп элге мен барсам,
Курган баштын багы бар.
Алла таалам жар болуп,
Ачылып кайра жол берип.
Айланып эсен табаармын
Амандашып кол берип,
Жазуууда болгон турбайбы,
Жашырып койчу иш эмес.
Жашоодо бол[illegible] эмесин
Жалганда жа[illegible] биз эмес,

Туура келсе тарткылык,
Туйгун да торго илинет.
Мусаапырлык жолунда,
Муңумду айтсам ким билет.
Куткаргын мени кудайым,
Каалга темир коргондон.
Кечигип барат убакыт,
Кетемби деген болжолдон.
Алыстап элден кетемби;
Аданын чыгын чоң жолдон.
Айыктырчу бир өзүң,
Ар кандай түрлүү жараны.
Тобокелдин баяны,
Токточу, сөзүм аягы.
Көп ойлонсом пикирди,
Көңүлүм кетет жарылып.
Жараткан өзүң колдой көр.
Жалпыбызга саламат.
Бул жерде турган карып жан,
Бир кудайга аманат.
Азаттыкка жетсем деп
Ар пендеиин талабы
Алла таала бошотсоң,
Алагды кылбай санаамды.
Жаратқандын эрки бар,
Жалганда жокту бар кылып
Ажеп эмес кудайым,
Азаттык жолун жар кылып.
Эл ичине бараарбыз
Аман-эсен кайрылып
Каламда жазган шол болсо,
Кандай кылам кайгырып
Артымды кудай бербесе
Айтканым туура келбесе
Кылымда бизге жок бекен
Кыдыр алла бергисн
Башта калаар кантейин,
Бактысыздык белгисн
Бактым болсо көрөөрмүн
Балалык өскөн жеримди
Кадырлуу калкым Акчубак

Касиеттүү элимди
Ойлон көрсөм ошол жер,
Оодарылтат зээнимди.
Байкоосуздан өткөрдүм,
Баштагы дөөлөт зээримди.
Адам уулу дүйнөдөн,
Армансыз өтөт дедимби.
Өйдө-төмөн каталык,
Өзүмдөн өткөн пейлимди.
Айрылып ага-туугандан
Айдалып алыс келдимби
Айланып аман көрөөрмүн
Ат-Башы, Нарын жеримди
Айып көрбө агаиң,
Ашепке кеткен кебимди
Калкка нуска болот деп
Кагазга жаздым белгимди.
Муңайып сөздөн эрингем,
Мырзалар нечен керилген
Көп зарланып кантейин
Көрөөрмүн алла теңирдеп.
Азып келген мен эмес,
Адашкан жалгыз элинен
Санабас-күлбөс бар бекен,
Сапардын жолу тар экен
Санаалаштан айрылган
Сары оорудан нары экен.
Байкоосуз өткөн жашымда
Балалык күнгө таарынам.
Калкынан азган мусаапыр
Кайгырат түрдүү жагынан.
Кабарлаш болгун кудурет
Карыптардын алынан.
Тууганым калды тутунган,
Душманым калды жутунган.
Эзелде мендей бар бекен,
Эртелеп элден кутулган.
Ата-журттун жоктугун,
Ар кимге айтуу шол болгон.
Айрылып бардык эркинен,
Азиз пенде кор болгон.

Адамдын эрктүү дөөлөтү,
Азапка бүткөн шор болгон.
Өкүнүч менен жаш өмүр,
Өтүп барат болжолдон,
Эми билдик бул кезде
Эркүү күндө чоң болгон.
Баян кылам салтымды,
Байыркы өткөн калкымды:
Капталын торго чалынып,
Кара торгой чарпылды.
Мусаапырлык саламым,
Муңдуулар үчүн айтылды.
Айланып учуп ан алуу,
Ак шумкар куштун табынан
Азап жүрмөк, ак жүрмөк
Азамат эрдин багынан.
Бактысыздык болбосо,
Подполго кайдан чалынам.
Эсимден кетпейт эркиндик,
Эмнеге ойлоп сабылам.
Агалуу болсом келбейби,
Азыгын ташып бербейби.
Алсырап жаткан түрмөдө,
Аталаш тууган мендейби.
Артымдан издээр агам жок,
Армандуу кылдың мендейди
Бекитип кулпу салган үй,
Береги подпол там болсо,
Бел байлаган расход
Беш жүз грамм нан болсо.
Бербесин кудай эч кимге,
Пендеси мендей кор болбо.
Ала-Тоо калды көрүнбөй,
Ан сайын көңүл бөлүнүп
Буурчактап ыйлап кыз калды,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Адамдын түшсө оюна
Акылы айран, ичи чок
Ала-Тоо калды алыста.
Амалым жок барышка
Көбүнө салам айтабыз,

Көргөн-билген тааныпка
Канчалык болдук ынтызар;
Калктан кабар алышка
Кандай күндө кез келет,
Кайрылып үйгө барышка.
Мендейлерге чоң сабак,
Материал каргаша
Арманы болбос пендеиин.
Акыйкат кылып айдаса.
Акты кара кылабы,
Акыйкат сөзүн тайбаса
Азаттык деген наамды,
Айтып бизге арнаса.
Азаттыкка шол себеп,
Алла-таала жалгаса.
Түбүндө такыр кор болбос
Түз жолунан тайбаса.
Актаймын деп айткандан
Адвокатты жалдадым.
Анысынан кыйын деп,
Аксакалды кармадым.
Алакандай кагазга
Арыз жазып сен бердиң,
Аш болбосун алганың,
Ага бир ардык кылбаймын,
Акылга терең ылгаймын.
Ага да болсо каниет,
Амири ушул кудаанын.
Ага-ини сени эске алып,
Аның үчүн ырдаймын.
Узак жолго чыкты деп,
Унутуп мени калбагын.
Урук-тууган сен үчүн,
Ушунчалык зарладым.
Тал көгөрүп бүрдөдү,
Таң атканча талыкпай,
Таңшып булбул сүйлөдү.
Жабырлуу болду биз үчүн
Жараткандын күйдөрү.
Жайлообуз Ак-Сай жер үчүн,

Жалбарамын эл үчүн.
Аркан салса үй калчу.
Арбыган шамал жел үчүн.
Агызып кетчү токтотпой
Агыны катуу сел үчүн.
Сел кетээр да, сай калаар,
Карылар айткан кеп үчүн.
Ар жактын көрүп жыргалын
Алтымыш жашап албадык.

Бер жактын көрүп жыргалын,
Беш жашар болуп калбадык.
Унутулбас ушул шор
Убайым тартып зарладык.
Боз шумкар таптай куш салып,
Бозуна чүрөк алдырбай.
Төрт бутуна така уруп,
Төгүлтүп жорго салдырбай.
Түйшүктүү ушул жыргалдан
Түшчүлүк кумар кандырбай
Турмуштун ушул күнүндө
Тууларды билбедик.
Сулуусун тандап келиндин
Сууруттуп күлүк минбедик
Сулууланып шым-костюм
Суусар бөрк башка кийбедик.
Ушул өндүү жыргалдан
Он беш жыл дооран сүрбөдүк.
Буластап ойноор козекте,
Бул болду көргөн күнүбүз.
Кымбаттуу кайран жаш өмүр,
Кыйкырсак жетпейт үнүбүз
Азыр да жыргал жолукса,
Апийимдин гүлүбүз.
Бир кезде жүрдүк сайрандап.
Кире элек анда акыл-эс
Боштондук менен түрмөпү
Салыштырып турган кез
Билбеймин кандай болоорун
Турамын көзүм чачырап
Боштондук жакпы эмесни

Түрмөнү менден качырат
Жакында жообу келээр дейм,
Жазылып кеткен арызыман
Кутулаар бекем мен бурун
Ата-энемдин карызынан.
Текшерилбей бир жерде,
Жатат бейм ишим кымтылып.
Кабар болоор бекен деп,
Караймын күндө умтулуп
Түрмөдө бар чоң эшик
Боорунда бар кош тешик,
Айнек менен чаптаган.
Качып кетчү немедей,
Сыртынан кароол сактаган
Адамда көп калбаптыр,
Түрмөнүн тузун татпаган.
Кесиби экен тергөөнүн,
Тездетип ишин шашпаган.
Адамдын баркын көп билбейт,
Буга кириптер болуп жатпаган.
Калкымда эркин жүргөндө,
Кадырын билбей дүйнөнүн,
катарлап кулпу салынган,
Кара цемент үйдөмүн.
Кандай күндө жатканым,
Кабарын билбейт үйдөгүм.
Катуу кылмыш мен үчүн
Камакта жатып күлгөнүм.

## БАК-ТААЛАЙ КАЙРА ЖОЛУКСА

Абасы таза, эң салкын
Адамдын көөнү ачылат,
Ала-Тоо гүлүн жыттаса.
Элибиз Арпа жайлаган.
Элиртип күлүк байлаган,
Этек жагы Бурганга,
Этектен малын айдаган,
Элимден үзбөй санааны,
Эстеген сайын саргаям
Экинчи кайра көрсөм деп,

Эзилет ичте көп арман.
Эрмек кылып сандалттың
Эзип койду бул жалган.
Ажары болсо азамат,
Айлынан биздей азаарбы?
Ай тийбес үйдүн ичинде
Арманын айтып жазаарбы?
Айлынан жалгыз бөлүнүп,
Азаптуу жолду басаарбы?
Акылды түрлүү айлантканн,
Азабы кыйын күн келет.
Ала салып уйку жок,
Атмагы кыйын түн келет,
Ага-иниси барларга,
Айлынан кабар тил келет.
Айыпталсам түрмөдө,
Артымдан издеп ким келет.
Акылым ойлоп таң болсо,
Айланып башым дал болсо,
Калаар белем кабарсыз,
Кармаган колдо мал болсо
Ааламда жалгыз кылбасын
Артымда белдүү кишим жок
Аркамдан издеп ким келет.
Аялым калды амал жок.
Кабарын издеп келүүгө,
Карманган, туткан балам жок.
Камакта жаткан бизчилеп,
Кайгырган эрдин багы жок.
Эгемдин иши ушу экен,
Эриксиз турмуш байлады.
Эч кабар укпай үй жактан
Эки көзүм жайнады.
Ээси жок катын жаш балдар,
Эбак тарап сайлады.
Эмгегим тартып зарланып,
Энемдин шору кайнады.
Байкоосуз күндө өткөргөн.
Баштагы дөөлөт жериндн,
Адам уулу дүйнөдөн,

Армансыз өтөт дедимби.
Өйдө-төмөн каталык,
Өзүмдөн өткөн нейлимби.
Айдалып ага-туугандан,
Айрылып эрксиз келдимби?
Айылга конуш, малга жай,
Ат-Башы биздин жер эле.
Күлпөтүн көргөн адамдар,
Күндө эле жүрсөм дээр эле.
Кармаган калың чеп эле,
Каранғы токой чер эле,
Ашуусу бийик бел эле,
Агымы катуу сел эле.
Кетирсе баштан кемчилик,
Жеринен мендей азбайбы.
Бактысы баштан тайбаса,
Басынып күлүк аксайбы.
Байланып жүргөн кезимде,
Башымдан дөөлөт качпайбы
Ар убак санаа көп ойлоп,
Айланып башым дал болду.
Арманым ичте угулбай,
Астымдан тоскон бел болду
Жагалмай учпас кыядан,
Жалгыз элем уядан.
Жараткан алла бир кудай,
Жардамды сенден суранам
Жалгызга жардам болом деп,
Жазууда айткан убадаң.
Жаркырап ойноп жүргөн күн,
Жадыма түшсө кубанам.
Жазууда жазган ишимби,
Жабырды тарткан убарам.
Элик чыкпас кыядан,
Элкин элем уядан.
Эгем таала бир кудай,
Эркиндик сенден суранам.
Элкинге жардам берем деп,
Эзелтен айткан убадаң.
Эркинче ойноп көргөн күн.

Эсиме түшсө жубанам,
Эзелде жазган ишимби,
Эмгекти тарткан убарам.
Эмгектен башың арылса,
Эркине жетип ал тынаар.
Жүрөктөгү кайгы чер
Жууса кеткис дарты бар.
Аргымак минип алкынтып,
Ашып кетчү бел кайда.
Аябайм сенден жанды деп,
Айтып жүрчү дос кайда.
Канчалык жакын болсо да,
Карашпайт экен мындайда.
Жаратса бакты таалайды,
Жаркырап кимдер күлбөгөн
Жашчылыктын мезгилин
Жалганда кимдер сүрбөгөн
Оюна келсе балалык,
Ойноп кимдер күлбөгөн.
Баралында—бир кезде,
Барчып элем үндөгөн.
Бактысыздык билинип,
Басынып турам түрмөдөн.
Аркырап шамал узүлбөс,
Адырлуу тегиз жердемин.
Ар убак кетпейт эсимден,
Ага-туугап элдерим.
Оюмдан такыр чыкпады,
Ойноп күлгөн жерлерим.
Көп убакыт болду го,
Ажырап элден келгеним.
Чуркурап турат далай эл.
Бишкек шаары камакта.
Орус, кыргыз аралаш,
Бир миңче киши камакта.
Эсеп кылат эки убак,
Эртели кечти санакта.
Камеринде онтолоп,
Оорун жаткан андан көп,
Канталага талатып,

Кашынгандар андай көп.
Жолдошунан айрылып
Бөлүнүп жаткан андан көп,
Кишин көрбөй доктурда
Өлүп жаткан андан көп.
Атырдай жыты буркурап
Адырга чыккан шыбагың.
Айнектей жүзү жалтырап.
Ар жерден аккан булагың.
Абайласам Ат-Башы
Жаннатка окшош сыягың.
Азырынча буза албай,
Айрылып сенден турамын.
Ай талаамды бир көрсөм,
Арылат эле кумарым.
Ажал келсе амал жок,
Акка моюн сунгандай,
Ал жайга бараар күн жетсе
Акырет көздөй жылгандай
Кенчилик заман көрбөсөң,
Кеттиң го ичке көп убай.
Кайгырып ыйлап калгыдай,
Катын менен балаң жок.
Калимкидей гөр казып,
Кастарлап көмөөр заман жок.
Карыптык, жолдуу оорудан
Карасам мындан жаман жок
Убайлуу башка көп болуп,
Улуу кайрат дарт болуп,
Убара болду алтын баш,
Ушундай жөнгө сари болуп
Маңдайдагы калың шор,
Жанаар дүйнө бар бекен.
Жаркырап ойноп элимде.
Турар дүйнө бар бекен.
Жалпы тууган, эл журтка,
Бараар дүйнө бар бекен.
Балдарымды алдыма
Алаар дүйнө бар бекен.
Аман көрүп кумардан,

Канаар дүйнө бар бекен.
Калас болуп бул жайдан,
Чыгаар дүйнө бар бекен.
Балдарымдын бетинен,
Сүйөөр дүйнө бар бекен.
Барып ойноп Ат-Башы,
Жүрөөр дүйнө бар бекен.
Баштагыдай дүрүлдөп,
Сүрөөр дүйнө бар бекен.
Даңкың кетти ар жерге,
Таслим болдуң кай жерде.
Колуңдан дөөлөт кеткени,
Колдоочу атам бар дээрге,
Өзүмдүн чыкпай колумдан,
Ошентип жүрсөң мейли эле,
Урматым атам бар дээрге,
Кармалып барып жезиттиң
Калаасында кечиктиң.
Кайрылып быйыл келет деп,
Кабарыңды эшиттим.
Каалаган ойго жеткирбей,
Кандай бир дартка кезиктим?
Жаш кезимде кошулган,
Жароокер менин сүйгөнүм.
Өзүмдөн жок бир бала,
Ошого менин күйгөнүм.
Алланын салган ишине,
Кайгырып сүйлөп жүрбөгүн
Айланып аман мен барсам,
Болгону кабыл тилегим.
Эркиндикте жүргөндө,
Билбеймин алган баркыңды
Кайраттанып бел байлап,
Алсам дейм жазган катыңды
Тирүүмдө эстен чыгарбайм,
Кат менен берген антыңды.
Кайрат кылып бел байла
Кетирбей менин баркымды.
Кат аркылуу бек кармайм.
Кыса кармап колуңду.

Санаага көп чөмүлүп,
Бөлбө пикир оюнду
Тилекке жетип мен барсам,
Түзөөрсүң кайта боюнду
Ак тилекке биз жетип,
Сен берсең менин тоюмду,
Келечекте турмуштун,
Болоору кандай көз жетпейт.
Уйкуга көзүм жумулса,
Түшүмдөн такыр сен кетпей
Эртерээк кудай кошсо деп,
Эки жакты дегдетпей
Бак-таалай кайра жолугуп,
Ачылса күзгү кебездей.
Тексиздер чыкты ушунча
Тескери сүйлөп дин үчүн
Байтал минип окутуп,
Партияга кирүү үчүн.
Кулаксың деп чыгарды,
Кудайды жок деп билүү үчүн.
Латын окуу жаздырып,
Ааламды шайтан азгырып,
Бура тартып көндүрдү,
Бузуктарды маш кылып,
Байдын малын көрсөттү,
Кедейлерди маш кылып,
Бир үйдүн ичин беш бөлдү,
Бир-бирине жат кылып.
Колхозго мүчө болгуң деп,
Караңгы калкты азгырып.
Баарысына чогултуп,
Партияны баш кылып.
Толтургуң деп анкетти,
Токсон сурап жаздырып,
Членский взнос деп,
Чыгым кылып чачтырып.
Беш минуттун ичинде,
Берегой деп шаштырып.
Эзилттиң далай момунду,
Эки көзүн жаш кылып.

Жаңы журтту караттың,
Жалгыз дүкөн ачтырың.
Белети жок адамга,
Берилбейт деп кас кылың.
Кыянатчы бузуктар,
Кызмат кылат бастырың.
Кудайды жок деп сүйлөдү,
Курандын сөзүн сүйбөдү.
Жаңы өспүрүм жаштарды,
Жаман жолго үндөдү.
Абалкы эски динчилди,
Арага койбой сүр деди.
Большевиктин тушунда
Башкы душман «дин» деди.
Эски жолго байланган,
Эл ичинде ким деди.
Айылга коюп бакан ооз,
Андын жүрүп бил деди.
Тексиздер чыгып ушундай,
Тескери сөздү сүйлөдү.
Катын, эркек аралаш,
Катар басып түрлөндү.
Жетине албай кам көрөт,
Жетелешип жүргөндү.
Өкүмөткө шайлады,
Өз жолуна киргенди.
Көңүлүн сүйбөс адамга,
Көр казган катуу сыр деди.
Ленинчил жаштардын
Ирээтинде жүр деди.
Манаптардын үстүнөн,
Материал чий деди.
Тосколдук кылган адамды,
Токтотпой айдап ий деди.
Жазыксыз бий-байларды,
Жардылар жүрүп жандады.
Ушулардын баары чын,
Кантип айтам жалганды.
Ар кимдин бузуп тегинен,
Ажыратып эбинен.

Байланба эски жолго деп,
Пара берет кебинен.
Ажыратын жол берип,
Ак никелүү эринен.
Миттин элди чыгарды,
Мусулмандын дининен,
Аялдан улук шайланды,
Абыдан көөнү жайланды.
Аялы барын жыйынга,
Казанын эри кармады.
Арактын берип мас кылып,
Ачын койду пардоону
Шайлоо болуп бул өкмөт
Шариятты каргады
Кейиген менен пайда жок.
Кетирди миттин арганы.
Жарды менен жалчыны,
Жашатам деп алдады.
Кедей үчүн курулду,
Кеңештер деп жар салды.
Убарасы байлардын,
Урунган-туткан малдары,
Биздики деп жүрүшкөн,
Билимсиз кедей балдары.
Бүгүнкү биздин душман деп
Бүтүрдү жеке чарбаны.
Эки үйүнүн бир үйүн
Эбин таап алганы.
Кожоюндук кылууга,
Колунда малы калбады.
Өз малына ээ болбой,
Өлөбүз деп зарлады.
Түгөнбөй күндө көбөйдү,
Түгөтүп чыгым алганы.
Түркүгү жок замандын,
Түйшүгүн тартып зарлады.
Түпсүз терең кудукка,
Түртүлүп кетти чандаты
Түлкүдөн бетер сойдурдуң.
Түрөгөй ит, тайганды.

Ушундан ойлоп билгиле,
Улуктун пейли тарыганды.
Таштанды деп жыйдырды,
Талаа-түздө калганды
Көп жашаган адамдар,
Көрбөдүк деп таң калды.
Кабактан эски чогултуп,
Калк ушинтип зарлады.
Беш килден батек түтүнгө,
Бергенибиз жалганбы.
Бузуктар айткан сөзүнө,
Букаралар алданды.
Байлардын баккан малы үчүн,
Батырактар жалданды.
Контракка бергин деп
Какшатып туруп малды алды,
Акыйкат кылбай манап деп,
Ак сөөктөр айдалды.
Ак жеринен күйдүк деп,
Аллага ыйлап зарланды.
Агентти койду ар жерге,
Аңдып жүрүп карма деп,
Сыйлаштырбай эркинче,
Зыян болот малга деп
Көөнүнчө сатып, сойдурба,
Көбөйсүн биздин чарба деп.
Тескери жолго үндөдү,
Теңдигинден калба деп,
Тапшырманы көп берди.
Сатылып малга барба деп
Жүзүн ачты аялдын,
Жүрө бергин шаарга деп.
Кедейдин анда тилеги,
Кеңештин жолун жалга деп
Мергенге берди буйрукту,
План менен аңда деп
Бөрү менен түлкүнү
Бөөдө өлтүрүп салба деп
Аюу менен илбирсти,
Ар бир жерден чарда деп,

Суусар менен сүлөөсүн,
Сурап тапсын кайда деп.
Өкүм кылды буларды
Өлтүрбөй тирүү карма деп.
Ушунча малга тойбодуң,
Уларды тоого койбодуң,
Кайсы жерде мал болсо,
Карышкырдай жойлодуң,
Анык бузук иш менен,
Адамга зыян ойлодуң
Пайданын баарын сен билдиң,
Балдарга желээ кердирдиң.
Кедейге коён уулатып,
Кекилик, чил тердирдиң.
Атаңдын көрү замана,
Ар кандай ишке көндүрдүң
Карганын этин тууратып
Калаадан тамак бердирдиң
Айласыз иттин эттерин,
Арыстоонго жедирдиң.
Жазасын тартаар бекенсиң
Жардамы болуп теңирдин.
Жашатам деп алдаган,
Жалганы чыкты кебиңдин.
Тоёрлук нерсе калтырбай,
Көбүн алдың эгиндин.
Көйнөк таппай жылаңач,
Көбү жүрөт элиңдин.
Жазып бердиң планды,
Жазгы го күзгү жүнгө деп,
Жаңы кийиз жасалып,
Жабылбасын үйгө деп,
Жарлык кылдың элиңе,
Жалгыз байпак кийбе деп.
Жарты калак жүн үчүн,
Жатаар жериң түрмө деп,
Контроль койдуң кедейди,
Калк ушундай сүйлө деп.

[1]Арыстоон — Арестован деген мааниде.

Каршылык кылган адамдар,
«Капаста калып журбө» —деп,
Кыйнап элди торгодуң
Кыяматты болжодуң.
Кыскасы жүндөн кемисе,
Кырктырып алдың тондорун.
Абапсалап заем деп,
Алдап алдың сомдорун,
Асили копол өкүмөт
Акыры журтту кордодуң.
Алла таала жар болуп,
Аркасын иштин оңдогун,
Уруятчыл өкүмөт
Улуктун жолу тар болуп,
Учурады кайран эл,
Ушунчалык кор болуп
Жергесинен айрылып
Жетише албай зар болуп.
Өтүп кеткен замана,
Өрүшү толгон мал болуп,
Өзүнчө бийик бар болуп,
Артылган элдин байлыгы
Алтын-күмүш зер болуп.

## КАЗЫБЕКТИН ҮЙҮНӨ ЖАЗГАН КАТЫ

Алды-артымды карасам
Айланам турат темир тор
Калкыма эсен кайтармын
Кайырлуу алла берип жол.
Атамдын аты Мамбетимин
Уулумун деп койдум кол.
Жаралгандан атадан,
Жалгыз элем мен болсом.
Жалгыздыгым билинбейт,
Жаркыным Кады сен болсоң.
Күлүктү минип куладан,
Күлүп го ойноп куунаган
Калк ичинде курбунун,
Катарында дуулаган.

Карап көрчү Кадыке,
Кайда жүрөт бул агаң.
Эртели кеч эстесем,
Эзилип ичим бураган
Элден келген кагаздан,
Эсен деп уксам кубанам.
Жакын тууган сен элең.
Жан бирге өскөн уядан
Айланайын Кадыке,
Амандыгың суранам.
Кадыкем деп жалынып,
Канча-канча сабылып,
Зарлангандан атакең,
Салам айтып сагынып.
Карыптардын баары айтат,
Канча-канча зар айтат.
Эрмек болуп Тажыгүл
Энекем деп ал айтат.
Келгендерден сурадым,
Кейиштүү деп угамын.
Аталаш бир тууганым.
Аман-эсен турамын.
Капа болбо биз үчүн,
Кагылайын чырагым.
Ар канча болсо моюн сун,
Амирине кудаанын.
Капа болбо жеңилип,
Карагым сенден сурарым.
Бир өзүңдөн сурайын,
Биз үчүн жебе убайым.
Көрүштүрөөр бекенсиң,
Көп зарлантпай кудайым.
Айдалып бизден кетти деп
Ал үчүн сен ар кылба.
Андан көрө Кадыке,
Алдыкеңди кар кылба.
Айланайын кудайым,
Ар кимди биздей кор кылба
Тагдырына алланын,
Талашы барбы пенденин,

Энени айрып баладан,
Эмгектүү дүйнө жанганын.
Көп зарланып кантемин,
Көрөбүз алла салганын.
Алдыке сизден ажырап,
Ал үчүн мен да зарладым.
Ээликтирип күлүктү,
Минээр күндөр болобу?
Эл ичинде эркелеп,
Жүрөөр күндөр болобу?
Ал-абалын эненин
Сураар күндөр болобу?
Кызматыңды Алдыке,
Кылаар күндөр болобу?
Ыраазылык өзүңдөн
Сураар күндөр болобу?
Күйүттүү күндөн ажырап,
Келээр күндөр болобу.
Аралап элдин абалын
Билээр күндөр болобу.
Көп каниет кыламын,
Көз жуумп көргөн түштөргө.
Тирүүлүктө Алдыке,
Көрөмүнбү жүзүңдү.
Урматыңдан өтүнүп,
Угамынбы сөзүңдү.
Эмне деп мынча дегдейсиң,
Элиңе эсен жеткейсиң.
Эсен барып көргүчө
Эрте-кеч бизди эстейсиң.
Эмгегиңди кечпейсиң.
Эмчек берип чоңойткон,
Айлым деп мынча дегдейсиң.
Кайтаарга жолу табылаар.
Айлыңа аман баргыча,
Ар убак бизди эстейсиң.
Ажалың жетип күн бүтсө,
Алдыке ак сүтүңдөн кечпейсиң.
Жалпы тууган баарына,
Жашың менен карыңа
Жакшы пейил тилеңип,

Жалбарамын баарыңа
Карып менин энемдин,
Кабардар болчу алына;
Улуу-кичүү баарыңар,
Урамыты артык карылар.
Көрүшкөнчө аман бол,
Көргөн-билген баарыңар.
Кат жазуучу Казыбек,
Карыптар болду бооруцар
Кадыр, алла буюрса
Кайтаарга жолу табылаар.

## МЕН, БҮГҮН

**(Соттун өкүмү чыгардагы ыр)**

Өткөрүп өмүр тирүүлөй,
Үй-бүлөдөн жат кылган,
Өлүмгө чейин жазасын
Өз мойнуна тарттырган
Айыпкерде калган жок,
Айтылбай сөздү жашырган
Баарыга тийбес жарыгың.
Башка үйгө жаккан шам үчүн.
Жабырлантпас чабакты,
Жаяндардын шаңы үчүн.
Аба бир булут, жел бүгүн;
Айбаты катуу дем бүгүн.
Агыны катуу сел бүгүн.
Ар нерсе түшүп оюма
Айткым келди мен бүгүн.
Жараткан Алла пендеңден
Жалгай көргүн сен бүгүн.
Терезе темир тор бүгүн
Тепкичи тайгак жол бүгүн
Тегерете чырмаган,
Терең санаа ой бүгүн,
Тирүү кой деп жанымды
Тилээрим жалгыз шол бүгүн.
Телмирип турган кезимде
Теңирим жардам бер бүгүн.

Караңгы токой чер бүгүн,
Каптап кетээр сел бүгүн.
Кааласа кудай бир медет,
Кандай да болсо бер бүгүн.
Катуу жаза өкүмдүн,
Кабарын угат эл бүгүн.
Санаалаш курбу-курдаштар,
Саламат болсун дээр бүгүн.
Ийилээр чыр пык сынбас деп,
Өчөшүп биздей адамга,
Өмүргө зыян кылбас деп.
Адам уулу дүйнөдө,
Ар нерседен кымбат деп
Эске алса кылаар кайырды,
Экинчи кайра туубас деп.
Өйдөтөн тилеп турабыз,
Өлүмгө жанды кыйбас деп
Ак жеринен күйгөндү,
Ар ким айтып даттанды
Текшербеди трибунал,
Тергөөдө жалган айтканды.
Айыпкер киши жыйырма эле,
Арандан бирөө акталды.
Жыйырманчы июлда
Жыйналышын өткөрдү
Тогуз кишни атууга,
Токтомунда шартталды,
Жараткандан тилеймин,
Жалындуу октон сактаарды.
Жалгай жүргөн бир өзүң,
Жалпы биздей дартманды
Артта калган билгенден.
Айбанбыз да караңгы,
Тарбия берээр биринчи
Таанытып жакшы, жаманды
Анын үчүн эске алаар,
Алсыз начар чабалды.
Жогортон тилеп турабыз,
Жолу кең төрдү караарды
Айдап барып чаптыраар,
Аральский каналды.

Качан да болсо билебиз,
Кайтпас сапар бараарды.
Анын үчүн жолдоштор,
Айтамын сизге саламды.
Жеңдирип кайгы, санаага,
Жеңил адам саналаар
Айыл апа, эл журтун,
Ар ким ойлоп сагынаар,
Айланып бир күн барбайбы,
Аман болсо жаныңар.
Эскирсе күндөр жаңыраар
Эмгектүү шордон арылаар
Өтүп кетсе кайран жан,
Өкүнсөң кайдан табылаар
Кишиден көрүп кай бирөө,
Кирдеп жүргөн чагы бар.

## ТОЛГОНУП ЭНЕ ТУУГАН ЖЕР

Бабабыз Кошой жердеген,
Башынан намыс бербеген.
Коңурбай менен Жолойду,
Кошойсуз Манас жеңбеген.
Алмамбет жаткан Чеч-Дөбө,
Абалтан ыйык жер деген.
Ар жылы жайлап Табылды,
Аргымак минген кермеден.
Арпада нечен кыз Жаңыл,
Арбашкан жоосун сермеген.
Арашан ташы бар жерде,
Асылдар нечен гүлдөгөн.
Күтүрөп малы төрт түлүк,
Гүл тандап дайым чөп жеген.
Жай-кышы бирдей токчулук,
Булоолоп кышта тердеген,
Бабабыз Ак-Сай жердеген.
Сыймыктанат карачы.
Чатыр-Көлдөй көл менен.
Айтамын салам жалпыңа,
Ат-Башы жерин жердеген..
Большевик берди кең мекен,

Кең эмей анан эмне экен.
Баарысы калаар жазылбай,
Баарына айтып бербесем.
Издесең эми табылбайт,
Илгерки жаман жер кепем.
Селкинчек менен Босого,
Кумарын жазган эл нечен.
Керемет ушул Ат-Башы,
Асманга тийет аскасы.
Берекеси кенен жер,
Жер-жемиштен башкасы.
Баш кесерлер куулуп,
Акыйкат менен чындыкты,
Адамдын баары туюнуп.
Жалпы кыргыз аймагы,
Аябай жакшы бүрдөдү.
Лениндин доорунда,
Ырысы толуп гүлдөдү.
Ырыстуу кыргыз элимдин,
Жыргалдуу турмуш күндөрүн,
Жыргалын ырдап акындар,
Комузга кошуп үндөрүн.
Кошо чыкты күүлөрү.
Мукамдуу кылып ырдашып,
Булбулдай чыкты үндөрү.
Ишенет жалпы элибиз,
Ишинен болуп илгери
Күн тийбеген зоосу бар
Күңгүрөнгөн доошу бар.
Ааламга маашыр Тянь-Шань,
Ала карлуу тоосу бар.
Агын-агын суулары,
Ар тараптан кошулаар.
Ар түрдүү ырaң чөптөрү,
Адырынан жошулар
Аскар-аскар музу бар,
Аркырап аккан суусу бар.
Төшүндө кийик жойлогон,
Толосун жалап шорлогон.
Бөрү, түлкү аралаш,
Бөксөсүндө жойлогон.

Канат кагып каз-өрдөк,
Кара сууда ойногон.
Көйкөлгөн шибер төрлөргө,
Көчүп кимдер конбогон,
Көңүл ачып эрте кеч,
Көл жакалай бойлогон.
Көп жердеген адамдын,
Көөнүндө кайгы болбогон.
Бар кезинде ар кимдин,
Баркыңды кимдер ойлогон.
Кыйладан бери таң калып,
Кызыгына тойбогон.
Мунарыктап Ала-Тоо,
Туман курчап тордогон.
Байчечекей төрүндө,
Бакасы чардап көлүндө.
Бетеге белден бураган,
Береке бар чөбүндө.
Жашыл ыраң көгүнө.
Ар нерсе түшүп көңүлгө,
Турмуш бербей эркиндик,
Байладык башты өлүмгө.
Акыры пенде көцөбүз.
Айланып чыксак түрмөдөн,
Ага-тууган жалпыңдын.
Акыры жүзүн көрөбүз.
Ат-Башы, Нарын кайран жер,
Алты атадан калган жер.
Алла назар салган жер,
Атын уккан адамдар,
Даңаза кылып барган жер.
Ат-Башы Ата чынында,
Алсыздар үчүн дарман жер.
Билбегендер жалган дээр,
Биз үчүн анык кайран жер.
Туулуп мээнет тартпастан,
Турмуштан санаа тынган жер.
Тогуз ай, он күн көтөрүп,
Толгонуп эне тууган жер,
Санаса көңүл бурган жер,
Сагындырдың курган жер.

Үч-Келтебик жеримден,
Үйрөнүшкөн элимден.
Кыстаса турмуш кетемин
Кыргызстан чегинден.
Болжобоймун Ала-Тоо,
Борумуңду сенин мен.
Канча макулук баар алган
Карагай, токой чериңден.
Кызыл түлкү жойлогон,
Кылчаңдай басып сеңирден
Алыстан көрүп караанын,
Алуучу кыраан теминген.
Аркары койдой семирген,
Атуудан мерген эринген.
Аюу, илбирс, бөрү атып,
Алган баар териңден.
Түлкү, суусар, сүлөөсүн,
Түгөнбөгөн көбүңдөн.
Ар бир түрдүү илбээсин,
Кадам сайын көрүнгөн.
Аралата бастырсаң,
Ат жүрө албайт чөбүңдөн.
Тунук агып суу түшөт,
Туюк-туюк төрүңдөн.
Кайран өнүп-өскөн жер,
Кантип чыксын көңүлдөн.
Ала-Тоо азыр колдой көр,
Ашуусу бийик белиңден
Алсырадым өтө албай,
Агыны катуу селиңден.
Арбагын медер кыламын,
Азирети Аалы шериңден.
Жалынамын бир нече,
Жардам тилеп теңирден.
Толгонуп сени бел кылып
Тобокел алла делим мен.
Чакырып насип буюрабы,
Чатыр-Көлдөй көлүңдөн.
Бетеге өсүп жайкалса,
Пейилдүү жүрөк кубанат.

Карагай, кайың, тал өссө,
Ала-Тоо көркү сыланат.
Батыштан согуп жел жүрсө,
Канчалык көрком көрүнөт.
Карагай кайың термелсе,
Катмарлап көңүл бөлүнөт.
Ошол кез көзгө көрүнүп,
Ойго бир түшөм чөмүлүп,
Көркөмдүү өскөн жер калды.

Көк-жашыл гүлү төгүлүп,
Агын суу түшсө тоосунан,
Ак кийик качса зоосунан
Илбээсин, түлкү жай алган,
Адырлуу, жайлуу коосунан,
Үн берсе улар ташынан,
Мөңгүсү түшүп ташыган,
Көк моюн чүрөк жай алган,
Көктөмдүү шалбаа сазынан.
Өтөгү айдоо дан берген,
Аркары качып бел-белден.
Жайдын салкын түнүндө,
Сыдырым шамал жел келген.
Бак-дарак өсүп дүңүйүп,
Дыйканы эрте күтүнүп,
Салкын жайлоо күз менен,
Кыш камын эрте бүтүрүп.
Эгинди айдап жаз менен,
Бышыкчыл жери аш кенен.
Жүрөктүн башы зырп этет,
Ошол жерди эстесем.
Көркөмүдүү өскөн жеримди,
Көп эстеп санаам бөлүндү
Көрүнбөй көзгө элеси,
Көп кирдетти зээнимди.

## АЙТПАЙМЫН СӨЗДҮН БЕКЕРИН

Туулуп, өсүп бир жүргөн,
Тууганды биле сыйлайлы.
Томуктай баштан жан кетсе,

Топурак ээлейт турбайбы.
Кадыры жердин экен деп
Калдайтып малды жыйбайлы,
Кайран бир баштан жан кетсе.
Кара жер ээлейт турбайбы.
Алтынды жыйнап нетемин,
Аркама таштан кетемин,
Агаин жакшы билесин,
Айтпаймын сөздүн бекерин.
Акыры ойлоп түшүнгүн,
Ажалдын чындык экенин.
Күмүштү жыйнап нетемин.
Күн көрбөс жакка кетемин
Көңүлгө тийчү сөз айтпа,
Көрдүңбү сөздүн бекерин.
Алактап жаман жүрөбүз.
Ар кимге катуу тийебиз.
Аңдып го турат шум ажал,
Аны биз кантип билебиз,
Таалайы келген жигитке,
Талаадан алтын табылат,
Тайыган күнү сыймыгы,
Далай бир ишке кабылат.
Колуңдан келип турганда,
Корккондор айтат кошомат,
Колуңдан бадик кеткенде,
Бергенин доолап дос алат.
Арааның жүрүп турганда,
Ар жерден келип дос болот.
Аз күндүк кырсык басканда,
Агаин, тууган кас болот.

## САГЫНЫП ЖАЗГАН САЛАМ КАТ

Каман-Суу менен Көк-Күмбөз,
Жамалыңды сагындым.
Тамашалуу күн көргөн,
Заманыңды сагындым.
Ойноп жүргөн Орто-Сырт,
Бийиңинди сагындым.
Атчан жүрүп уулаган,

Кийгиңди сагындым.
Дөңгө чыгып ойногон,
Айылыңды сагындым.
Ар жылгада жайнаган!
Кайыбыңды сагындым.
Келберсиген кең Ак-Сай,
Өңүңдү кыйын сагындым.
Асманга жайын Ала-Тоо,
Мөңгүңдү кыйын сагындым.
Ар жылгада бөлүнгөн,
Төрүңдү кыйын сагындым.
Ар чуңкурда жайнаган,
Көлүңдү кыйын сагындым.
Ар түрдүү чыгып гүл ачкан
Чөбүңдү кыйын сагындым.
Айтып адам болжогус,
Жөнүңү кыйын сагындым.
Абасы таза Ала-Тоо,
Жериме айтам саламды,
Өстүрүп мени чоңойткөн,
Элиме айтам саламды.
Аппечтеп багып чоңойткон,
Апама айтам саламды.
Калыстык кылса партия,
Жакында барып каламбы.
Калың эл кабыл алгыла,
Казыбектин саламын,
Бир жыл болду чамасы,
Мен бул жакка келгени,
Жарыгы тийип Советтин,
Жалпы Орто Азия гүлдөдү.
Кайырлуу болсун арт жагы,
Абалды эч ким билбеди.
Сагынып жазган саламым,
Аманбы энем үйдөгү.

ДИН КАЗАЛ

## ИЛЕГИН БЕРСЕ ПЕНДЕНИН

Бисмилла деп баштамак,
Бир кудайдын жарлыгы.
Билгизет далил куранды,
Бизге да анын барлыгы.
Ажал жетсе өлүмгө,
Ар кимдин жоктур тарлыгы.
Атабыз Адам пайгамбар,
Аны да койбой алдыбы.
Топурактан жаралган,
Денебиздин бардыгы.
Ажал-өлүм мергендей,
Артыбыздан аңдыды.
Теңирим салды көңүлгө,
Терең санаа кайгыны.
Башка түшкөн мушакат,
Барган сайын арбыды.
Таалайына келгенин,
Тартмагы анык пенденин.
Суурун кылыч кабынан,
Сунуп турат чеңгелин.
Туулган соң көрмөк шарт,
Турмуштун түрдүү эмгегин.
Абалкысы бисмилла,
Алланы тилге жат кылып,
Айтууга карып биз мында,
Тобо деген пендеңди,
Тозок отко туш кылба.
Ар түрдүү жандар жаралды
Ай ааламга таралды.
Тегиз эмес өйдө-ылдый
Текшерип көрсөм аларды
Барабар деп ким айтат
Башкасы менен адамды
Адамдан кымбат неме жок
Артыкча болуп жаралды.
Ак кагазга жазамын,
Алланын ысмы тартибин.

Жалгыз өзүң улуксуң,
Жаныңда жок шеригиң.
Жан-жаныбар макулук,
Жалгыз өзүң жараттың,
Он сегиз миң ааламды,
Орду менен тараттың
Ушулардын баарысын,
Өкүмүңө караттың.
Жасуул-Жалал биз карып,
Бардыгына көнмөк чын.
Абалында калемде,
Жазылганын көрмөк чын.
Айланып ажал жеткенде,
Азиз пенде өлмөк чын.
Жан-жаныбар жанакы,
Жалганда тирүү калабы.
Абалы мурун жараттың,
Азирети адам атаны
Абалы адам пайгамбар,
Ак килемин жайгандар.
Жупту кылдың Абаны,
Журт ошондон тарады.
Ар түрдүү макулук жараттың,
Асыл кылдың адамды.
Асыл үчүн пендени,
Амир болуп алладан.
Периштени адамга,
Коомдукка жараттың.
Коом болуп периште.
Сажида кылган адамга.
Бетбак шайтан текебер,
Баш ийбеген аларга.
Жазылган шайтан эзелде,
Жааннамга калаарга
Ал адамдын баласы,
Азирети нши өткөн.
Алда канча макулук,
Ааламдан канча киши өткөн
Падыша, кудай колдой көр,
Башымдан түрлүү иш өткөн
Жаннатты тирүү жай кылган,

Жаа Идрис пайгамбар.
Өзүңдөн жардам болбосо,
Өзгөчө кандай айлам бар.
Аппак динин таанытан,
Адагы өткөн дүйнөдөн.
Зикрия пайгамбар
Сизди каапыр таарыган.
Миң жашаган азирети
Нуулар өткөн дүйнөдөн.
Ошол өңдүү Ибраим.
Отко салса күйбөгөн.
Куданын досу Ибраим.
Кутулуп чыккан жалындан
Тирүүлүктөн өтүнүп,
Тилеймин жардам баарыңдан.
Кандай да болсо бир кудай!
Кабардар болгун алымдан.
Пайгамбарым Мукамбет,
Тили келген келмеге.
Дин мусулман сага үммөт,
Улук келме курандын,
Урматы үчүн булардын,
Каталык өтсө тилимден,
Кайрылып жардам тилеймин
Хаусул Ааггам пиримден.
Азирети Хзыр пайгамбар.
Артындагы кырк чилтен,
Тиер бекен жардамың,
Тилеги жетсе пенденин.
Эр баабедин шайыктар,
Пирим медет кылбасаң.
Бир тыйынча пайда жок.
Миң күнү зарлап ыйласам.
Кудай сүйгөн жан үчүн
Курман болгон ак үчүн.
Жаа Ысмайыл пайгамбар,
Жалбарамын ан үчүн.
Асан, Үсөн эгиздер
Кербаланын чөлүндө
Бөөдө шейит кетишкен
Ыймандардын каны үчүн

Кадыр алла бер медет
Карыптардын алы үчүн.
Алым начар медет кыл,
Азирет Аалы балбаным.
Таржымал кылып жазамын,
Тарыхымды кыскача.
Талашкан менен пайда жок.
Тагдырыңдан башкача.
Жүз жыйырма төрт миң пайгамбар,
Ошолордун баары өткөн.
Акырында Апсаалы,
Ак Расул дагы өткөн.
Өзүнө сактап кала албай.
Аким-табып кары өткөн.
Акыр жайы — үмүт деп,
Айтып-айтып зар өткөн.
Омор, Осмон, Чарыяр
Абубакир Аалылар,
Шол өңдөнгөн Жар* өткөн.
Отуз үч миң Сахаба
Олуялар дагы өткөн.
Таажысы бар башында,
Так Сулайман хан өткөн.
Үпүптүн эки баласын,
Үңкүрдө набыт кылганда.
Кысасы үчүн Улукман
Кырк жыл жаткан зындапда.
Ошолор да күтпөгөн.
Өмүрүнчө жыргалды?
Кимдер биздей болбогон,
Фаани дүйнө жалганда
Өтүп кетти нечендер,
Өксөп-өксөп арманда.
Кысас кылба шерменде,
Кыяматка барганда.
Тур тоосунда кудайга.
Түпра барып көздөшкөн.
Азирети Муса пайгамбар.
Аллага өзү сөздөшкөн.
Ал өңдөнгөн Мусага,
Азиздигин билгизген.

Амур деген дайрага
Айдап каапыр киргизген.
Агам деп суудан качпаган.
Асасын сууга таштаган.
Ал өндөнгөн дайрага,
Алла деп Муса баштаган.
Өлтүрмөк үчүн Мусаны,
Өчөшүп каапыр каптаган.
Алла таала эркесин,
Агызбай суудан сактаган.
Артынан кирген каапырды,
Агызып дайра каптаган.
Алтын тыйын пул болуп,
Агасына кул болуп,
Айланайын атындан,
Азирети Жусуп сатылган.
Ырайым кыл Сул Жалал,
Ибарат алам ушундан.
Ырайым тилеп кудайдан,
Ыраазы болуп буган да.
Азирет Жусуп отурган,
Жети жылы зынданда
Алла таала жар болуп.
Аян берген түшүндө.
Жети жылдык зындандан,
Женилип* бир күн кутулган.
Барабар нуру ай менен.
Пардасы болгон жүзүндө.
Пайгамбар Жусуп ал түгүл
Падыша болгон Мисирге.
Асеин менен Усеин,
Азиреттин жээни эле.
Атасы анын кудаанын,
Анык сүйгөн шери эле.
Азирети пайгамбар,
Жаным балам дээр эле.
Эгиз күйгөн шам чырак
Эки ааламдын беги эле.

*«Согуштан женилип» — деген мааниде эмес, «Күнөөдөн арылып, жениленип»маанисинде. Ред.

Атаңа наалат жезиттер,
Аларга кылган сурматты,
Сураса да бир кашык,
Суу бербестен кургатты,
Опоосуз жалган дүнүйө,
Ойлончу кимди жыргатты.
Баян кылып жазамын,
Баштан өткөн жумушту.
Бир кудайдын тагдыры,
Балык жутту Жунусту.
Кырк күнү балык ичинде,
Кылып насип туруштү.
Залал кетпей ошондон.
Сак-саламат бошонгон.
Кыйноосунда өкүмдүн,
Кызыл өңүм боз болгон.
Иймёнбей алып таштаңар,
Ийрисн болсо сөзүмдүн.
Азирети Аюпту
Жети жыл курт жеп айыкты.
Азап тартып ал үчүн,
Аллага канча зарыкты.
Миң жеринен тешилип,
Мүңкүр болуп сайылды.
Ошончолук балаага
Ойлоп кылган сабырды.
Билдиремин өтүнүп,
Бир өзүңө алымды.
Кезеги менен жалгасаң
Кетирээрсиң арымды.
Жети жашар баланы
Жезиттер такыр кырганда.
Мукамбеттин үммөтүн
Мурунтан залал кылганда.
Амиралы Мусалин.
Аман калган мындан да.
Медина кеткен Мукамбет,
Мекеден жезит куугандa.
Ибраим каалаган.
Ысмайылды курманга.
Алла ырайым кылыптыр,

Акка, моюн сунганда.
Асмандан түшүп ак кочкор
Ажалга болгон себепкер.
Баян кылам азыраак
Башка келген балааны.
Жалгоочу жалгыз өзүңсүң,
Жаман күндө балаңды.

## ӨЛБӨЙ ТИРҮҮ КИМ КАЛГАН

Казал жаздым жаңыдан,
Шум дүйнөнүн айынан.
Бардык жандар аманат,
Пайгамбар өткөн ким калат.
Мойнуңа ажал кез келсе
Ыйманы болсун саламат.
Куданын досу Мухамбет,
Үмөтүм деп зарланган.
Буркурап ыйлап, үмүт деп,
А дагы өткөн дүйнөдөн.
Дулдул минген жолуна
Зулпукар алган колуна.
Зал-зал менен алышкан,
Зулпукар менен салышкан.
Жанабил менен күрөшкөн.
Алла таала сүйгөнү,
Азирет Аалы шер балбан,
Адагы өткөн дүйнөдөн.
Төрт Чарыяр баары өткөн.
Асан-Үсөн жаш өткөн,
Нечен адам, Казы өткөн.
Эрди-катын болушуп,
Эркелешкен наз өткөн.
Келиндер өткөн кашкайып,
Жигиттер өткөн тастайып.
Өткөндөргө калгандар,
Куран окуп кол жайып.
Ааламда эч ким болбойт го

---

* Жар — Кудай Жар боло көр!» — дегендей, «колдоолор» маанисинде. Ред.

Армандуу ишке барбаган.
Калтырбай кысып казатка,
Кандарга нечен чаң салган
Кан Манас уулу Семетей,
Кайып бир болгон жалгандан.
Кутулуп эч ким калбайт го,
Кудурет башка салгандан.
Көрдүңөрбү адамзат,
Өлбөй тирүү калганды,
Ажал чиркин койбоду,
Алдуу го, күчтүү балбанды
Же болбосо койбоду,
Жашмын десе балдарды.
Же болбосо койбоду,
Карымын десе чалдарды.
Айланып ажал жеткенде,
Кыбыраарга ал барбы?!
Комузга колун ойноткон,
Жорголор өткөн дүйнөдөн.
Өз билгенин өмүрү,
Койбогон өткөн дүйнөдөн.
Кыдырып ичип оокатка,
Тойбогон өткөн дүйнөдөн.
Селдесин башка чалынып,
Бир кудаага жалынып
Эсенсизби тагдыр деп,
Эл ичине таанылып.
Аса таяк колго алып,
Эшендер өткөн дүйнөдөн.
Тагдырдан алыс кете албай
Максатына жете албай,
Башына түшкөн турмуштун
Түйүнүн эч бир чече албай
Армандуу болуп өмүрү
Аманат жанды кече албай
Умтулган менен илгери,
Кадамдап басып өтө албай
Камчы тартып биз өңдүү,
Нечендер өткөн дүйнөдөн.
Бетине күзгү кармаган,

Жууп чачын тарангаи
Абдан кооз болсом деп,
Ак бетмайдан каланган.
Ак жууп, таза кийинген,
Аста басып керилген,
Калтар сындуу кара чач;
Турна моюн, чийме каш,
Сүйлөөр сөздөн эринген
Укурук моюн узун чач,
Улар моюн керме каш,
Бурала басып керилген;
Менин жарым болсун деп,
Нечен жигит берилген,
Сүрөткө тартып койгондой,
Сулуулар өткөн дүйнөдөн:
Беш күндүк жалган дүйнөдөн,
Улуу-кичүү баары өткөн.
Жарыкчылык дүйнөдөн,
Жаман-жакшы тең өткөн.
Баш-аягы тополоң,
Боло келген дүнүйө.
Бирден өтүп бирөөгө,
Кала келген дүнүйө.
Далайлар өткөн пулу жок.
Жардылар өткөн куну жок.
Ыйлап өткөн дүйнөдөн,
Кээ адамдын уулу жок.
Бечара өткөн малы жок.
Беш теңгелик алы жок,
Зарлап өткөн дүйнөдөн,
Кээ адамдын жары жок.
Бир болуштан пара жеп.
Акты коюп кара жеп.
Акыретте балаа жеп,
Залимдер өткөн дүйнөдөн.
Бүгүн берсе чыгымды,
Эртесинде тыйын деп,
Бир жагынан коркутуп,
Эгер чыгым бербесең,
Эртең мында жыйын деп

Болбой коюп күнөөнү,
Болуштар өткөн дүйнөдөн.
Каар жинин чакырып,
Кайыбым деп бакырып.
Басылды дарты өлбөйт деп,
Бакшылар өткөн дүйнөдөн.
Доорон бер деп жулунуп,
Доорон алса кутуруп,
Акыретке барганда,
Мойнуна түшүп укурук,
Болбой кылып күнөөнү,
Молдолор өткөн дүйнөдөн.
Ормон, Субан чоң өткөн,
Кожомжар менен Чөкө өткөн,
Нечен түрдүү шер өткөн,
Ажыбек баатыр эр өткөн.
Самансурдун Бакысы,
Адилет сурак сураган.
Ошолордой Адилге,
Каза жеткен кудадан.
Бул дүйнө чыны жалганчы,
Далай жанды алганчы.
Жалгызын алып бирөөнүн,
Башына кайгы салганчы.
Сөзүмдүн жоктур катасы,
Сегиз бектин атасы,
Жараткан алла жар болуп,
Кызырдын тийген батасы.
Ниязбек өткөн дүйнөдөн.
Ар кимдин бардыр катасы,
Ниязбектин атасы.
Эсенгул өткөн дүйнөдөн.
Жантайдын уулу эр Шабдан,
Далайды бузган талкалап.
Атасындай сыйынган,
Дин мусулман аркалап.
Жарды менен жалчыны,
Баласындай калкалап.
Жалпы кыргыз баласын,
Жамандыкка кыйбаган.

Жарым пааша улуктар,
Чакырып алып сыйлаган.
Ак калпактуу кыргызда,
Адамда мындай болбогон
Бечера менен дубана,
Кол кайыр алган жоргодон.
Баатыр ажы эр Шабдан,
Ошол да өткөн дүйнөдөн.
Кайдуунун уулу эр Чоко,
Чеч-Дөбөнү жердеген.
Чексиз жакшы бай Казы,
Бул кыргызга келбеген.
Буйруктур кудай жазганда
Букарадан жем жеген.
Сегизбектин кенжеси
Бул кыргыздын эркеси,
Чоко да өткөн дүйнөдөн.
Матайдын уулу Базаркул,
Жалпы Черик сураган,
Жалгандан кетип кулаган.
Токтотпойт экен ажалдан.
Тагдыр жетсе кудаадан.
Туугандын баарын жайлаган,
Душмандын баарын чайнаган..
Ойлочу курбум чын беле
Он желе кулун байлаган.
Эки дубан топ болсо,
Чериктен доону бербеген.
Бул жалганчы дүйнөгө,
Мындай жакшы келбеген.
Эми билгендир тууган баркыңды,
Тарткандыр элим дартынды
Куржунга салып арттырган
Үрпүя тенге алтынды.
Алладан ажал келгенде,
Алтыны айла кылбаган.
Аманат жаны өткөндө,
Адамдын баары ыйлаган.
Матайдын уулу Базаркул,
А дагы өткөн дүйнөдөн.

Моңолдордун Абдырай,
Букарадан эр чыккан.
Сегизбекке теӊ болуп,
Жалгыз өзү шер чыккан,
Ошол да өтүп кетиптир,
Опасыз жалган дүйнөдөн.
Моңолдордон Жакыпбек,
Усубалы, Тазабек,
Ошолор өтүп кетиптир,
О дүйнө жолу таза деп.
Бугудан чыккан баатырлар
Хан болуп элди сураган,
Ысагалы, Балтабай,
Баатырдыгын баштаган.
Кол салып келген калмакты
Кырып ийе таштаган.
Жардамчы болуп Шабданга
Бугудан чыккан Чыныбай,
Күлүгүн таптап күүлөнүп,
Көл бугуга сүйлөнүп.
Каршы сүйлөп койгонду,
Боорунду мыкчып эзем деп.
Кулагынды кесем деп,
Бугуну бийлеп эсирип,
Опсуз кылып кесирди,
Ошо Чыныбай өтүп кетиптир,
Опасыз жалган дүйнөдөн.
Тынымсейит уруудан,
Ырыскулбек бир мыкты
Мындан кийин ким чыкты.
Ошол да өтүп кетиптир,
Опасыз жалган дүйнөдөн.

## М А З М У Н У

КИРИШ СӨЗ

Калк ичинде бир нуска

ҮРКҮН КАПШАБЫ

Кытайга качтык жаңылып

КУЛАК БОЛУУ — КУРУ ДООМАТ

Кымбаттуу элден айрылдым
Урматтуу кыргыз элибиз, унутпай бизди жүрөбү
Акыйкат кылым өкмөт, актоочу заман келеби?
Ала-Тоо сени көрөмбү
Тагдырда жазган турбайбы
Бак-таалай кайра жолукса
Казыбектин үйүнө жазган каты
Мен, бүгүн
Толгонуп эне тууган жер
Айтпаймын сөздүн бекерин
Сагынып жазган салам кат

ДИН КАЗАЛ

Тилегин берсе пенденин
Өлбөй тирүү ким калган

Литературно-художественное издание
Мамбетимин уулу Казыбек
Казалдар
Художник С. Ямгырчинов
Нарын, фирма «Учкун»
На кыргызском языке
Адабий-көркөм чыгарма
Мамбетимин уулу Казыбек
Казалдар
Редактору Т. К. Ташмаматов

Сүрөтчүсү С. Ямгырчинов
Көркөм редактору Б. Жайчибеков

Тех. редактору С. Сыдыков
Корректору С. Кенжебаева

ИБ №

Типография кагазы. «Адабий» арибы. Формат 60x84'/16. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 12 басма табак. 23,10 учеттук басма табак.
Шарттуу боёк түшүрүү.

Нускасы 5000. Зак. №1343 Баасы 7 сом.
**«Учкун» фирмасы**

**720737, ГСП, Нарын шаары, Ленин көчөсү 120 Кыргыз Республикасынын басма сөз жана маалымат министрлиги.**